Ж. Жамгырчиев

# ырлар

ЖУМА ЖАМГЫРЧИЕВ

# ЫРЛАР

Экинчи басылышы

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ ФРУНЗЕ 1975

С(Кирг)
Ж 26

Жамгырчиев Ж.

Ж 26 Ырлар. 2-басылышы. Ф., «Кыргызстан» 1975.
100 бет.

Жума ЖАМГЫРЧИЕВдин ысмы кыргыз совет жазма адабиятынын алгачкы муундарынын катарында турат. Бул жыйнакка акындын социалисттик курулуш, жаңы заман жана Улуу Ата Мекендик согуштагы совет элинин фронтто жана тылдагы көрсөткөн кайратман эрдиктерин даңктаган ырлары орун алды.

С (Кирг)

Ж $\frac{7-4-3}{М\ 451\ (17)-75}$ 191—75

7—4—3

# КҮЗГҮДӨЙ КӨРСӨТ БЕТИНЕ

Туулганың кыргыз талаасы,
Турагың тоонун арасы,
Тууурдап турар жайы жок,
Турмушун кыргыз карачы.

Жайлап келет бөксөнү,
Жайы-кышы көчмөндүү.
Илгертен бери биздин эл,
Караңгы турмуш көздөдү.

Өткөндүн билбейт зыянын,
Өргө айдайт сокур кыялын.
Эскиликтен куткарып,
Өнтөлө жаштар кыябың.

Кыштак сал де олтуруп,
Эгинге жерди толтуруп.
Бу дагы кеңеш энчиси,
Ала көр де кол сунуп.

Эскиликтен кач дегин,
Эрикпей эгин чач дегин.
Айырбаштап көчмөндү,
Олтурукка[1] бас дегин.

— Көчкөндөн кана пайда? — де,
Болсо көргөз, кайда? — де.
Болмок түгүл пайдасы,
Бир кезде кеткен айла,— де.

---

[1] Отурукташууга деген мааниде.

Түшүнтсөң келер эсине.
Тийгенин камчы этине.
Кайсынысы пайдалуу,
Күзгүдөй көрсөт бетине.

*1926*

## АЙКЫ ТАЛАА

Кубулуп көк-жашылдуу жайкы талаа,
Суу агат тоолорунан болуп салаа.
Бир жылды алда нече түргө бөлгөн,
Жигиттер, табиятты ойлоп кара!

Көргөнгө жайкы талаа жашыл жибек,
Жайнатып кең табият берген сүрөт.
Талаанын жайкы түрүн эсине алсаң,
Дайрадай шамал соккон толкуйт жүрөк.

Үстүнө кырка тартып конгон эли,
Буркурап коңур салкын соккон жели,
Канчалык муңга батып турсаң дагы,
Жоголот бул убакта көңүл чери.

Жел болсо көк жашыл чөп башын ийген,
Келиндей сыпайкердик киймин кийген.
Эзилтип, кубандырып жан бүткөндү,
Кези ушул табияттан энчи тийген.

Үстүмөн түрдүү өсүмдүк орун алган
Түрдөнүп, кызыл ала борум алган.
Жай өтүп, кыш келердин камын ойлоп,
Дыйкандар кээ жеринде эгин салган.

Жаркырап, кызыл-тазыл гүлү кандай!
Жаркырап, кызыл-тазыл гүлү кандай!
Эпилдеп жүрүп турса эрке жели,
Адамга жыргал берген күнү кандай!

Кечинде мунарданып күнү баткап,
Кубултуп жер жүзүнө нурун чачкан.
Жибекпи, алда неме жайкы талаа,
Сергитип жан бүткөндүн көөнүн ачкан!

Кубулуп мүнөт сайын турат түрү,
Жаркырап бачайыдай чыккан гүлү.
Ызылдап курт-кумурска, чымын-чиркей,
Жаңырат сайрап турган куштун үнү.

*1926*

## КАЙГЫЛУУ КҮН

*(21-январь)*

Бул күндө жарды-жалчы кайгырган күн,
Шам чырак, жарык нурдан айрылган күн.
Жоготуп жалпы кедей жол башчысын,
Башына түшкөн мунар караңгы түн.

Шам чырак дүнүйөдөн өчкөн бүгүн,
Жаш аккан кан аралаш көздөн бүгүн.
Шам өчүп, дүнүйөнү туман каптап,
Кедейлер көздөн жашын төккөн бүгүн.

Жаш-кары баары ыйлап күйгөн бүгүн,
Душмандар ушул ишти сүйгөн бүгүн.

Көзү ачык, сезими бар азаматтар
Келечекти көңүлгө түйгөн бүгүн.

Атабыз кеткен кези колдон бүгүн,
Кеткени эки жылга толгон бүгүн.
Атабыз кетсе дагы арабыздан
Жол башчы Компартия калган бүгүн.

Киребиз атабыздан калган жолго,
Чогулуп кызыл тууну алып колго.
Кирүүгө убаданы биз беребиз.
Адашсак Компартия салат жолго.

Эмгекчилер айрылбайт ушул жолдон,
Кеңитип жол чабабыз келет колдон.
Биз үчүн кара жанын кыйнап жүрүп,
Атабыз ажыраткан кара тордон.

*1926*

## ӨЗГӨРҮШТҮН ОН ЖЫЛЫ

Он жашка улуу өзгөрүш толгон быйыл,
Зарланган нечендердин баскан ыйын,
Кубанып он жашына жалпы кедей,
Түбүнө кызыл туунун курду жыйын.

Баркын бил Октябрдын эзилген тап,
Жаңыдан бут тушоосу чечилген тап.
Он жылы мындан мурун оор турмушту,
Зарланып баштарынан кечирген тап.

Колунда жаркыраган кызыл желек,
Кедейге улуу өзгөрүш берген белек.

Мен жакшы, сен жамансың дегендер жок,
Бипбирдей баарыбызды койду теңеп.

Өзгөрүш он жашына быйыл толду,
Келетат Компартия баштап жолду.
Талкалап үзгөн мындан он жыл мурун,
Кедейге бай өкмөтү курган торду.

Он жылдын өзгөрүштүн көрдүң кедей
Көгөрүп саның артып өндүң кедей.
Татканда өзгөрүштүн жемишинен,
Араңды бай, манаптан бөлдүң кедей.

Ичинде бул жылдын артты чарбаң,
Колго алдың эркиндиктин шамын жанган.
Бут шилтеп социализм шатысына,
Барабыз тоодой үмүт күтүп алдан.

Жетишип бара жатат түрдүү жагың,
Иргелип накта кедей түзөп сабын.
Колго алып Октябрдын кызыл туусун
Дүйнөгө ураан таштап чыгар чагың!

*1926*

## КИМ МИЛДЕТИН АТКАРЫП КЕЛЕР ЭКЕН

Жаш жүрөк окуучулар элге кетти,
Бөлүнүп далай түпкүр жерге кетти.
Окуудан убагынча бошонушуп,
Колуна эки-үч айлык алып чекти.

Баарысы Ала-Тоого бетин бурду,
Ишине иштей турган план курду.

Жөнөдү элге барып келмек болуп,
Улуу — ага, кичүү — ини, теңтуш-курбу.

Жашынан туулуп өскөн жери Ала-Тоо,
Жөнөшту дем алышка бет алып боо.
Аз күнү так ошондо ойноп-күлүп,
Күзүндө чогулушса баары эсен-соо.

Ким милдетин аткарып келер экен,
Жемишин кандай түрлүү себер экен?
Таптальш саяпкерден чыккан жаштар,
Калкына кандай билим берер экен?

*1927*

## КЫЗДАРГА

*(Октябрдын он жылдыгына арналган)*

Жаңы талап жаш кыздары кыргыздын,
Оңолуп туугаи кези жылдыздын.
Кызды сатып мурункудай эзгенди,
Заңы табат издеп жүрүп кылмыштын.

Бул бизге октябрдын жемиши,
Алгын деп колго теңдик беришти.
Ойлочу бизге кубат эмеспи,
Жаркырап он жашынын келиши.

Баш кошуп мындай кезде талпынгын,
Эзилип өткөн күндө чарпылдың.
«Байтал чаап байге алабы» — деп айткан,
Кыргыздын эски салтын калтыргын.

Ачты кеңеш жүрө турган жолуңду
Илимге сунчу кана колуңду!
Бул өңдүү теңдик тийген заманда
Алгыла мектептерден орунду.

Кана кедей алга карай жүрөлү,
Ачылган даана жолго кирели.
Кыз-эркек канат күүлөп талпынып
Билимдин кайыгына минели!

*1927*

## КЕЛДИ ЖАЗ

Былтыр кеткен, быйыл кайта келди жаз,
Дыйкандар, жабдыгыңды ал, жерди каз.
Ойлосоң келе турган күнүңдү
Эринпей жер толтуруп эгин чач.

Кар эрип өзөндөргө суу акты,
Билек түр, байла дыйкан кулакты.
«Кудайым куру койбос берер» — деп
Өткөрбө жемиш берер убакты.

Эмгекке байла кедей белиңди,
Ээн койбо пайда берер жериңди.
Эринчек сураары анык данынддан,
Күзүндө сен басканда темиңди.

Мал багып байга кетпе алданып,
Алалбай толук акы сандалып,
Өзүң ал байга берген күчүңдү,
Аласың келер кышка камданып.

Иштесең алтын жерден табылат,
Ырыскыга башың барып малынат.
Эринип бекер жүрсөң сыланып,
Бир кезде кең дүнүйөң тарылат.

Каршы алгын жарык жаздын келгенин
Жандантып саган кезек бергенин.
Дагы айтам, кедей, дыйкан тууганым
Козголчу, жерге сиңсин эмгегиң.

*1927*

## ТАЛПЫНГЫН

Бүгүнкү күн аялдардын майрамы,
Колунда түрлүү кызыл байрагы.
Куттуктап кубангандан бул күндү,
Нечендер тилин безеп сайрады.

Бул күндө аял теңдик алган күн,
Таң атып күндүн нуру чалган күн,
Эзелде шоола түшпөс зынданга,
Чырагы эркиндиктин жанган күн.

Аялдар мындай күндө талпынгын,
Эзилип өткөн күндө чарпылдың.
Эрикпей издеп барып алгыла
Алдыңда кени жатат алтындын!

*1927*

## ТОМСОРУП КҮЗ БОЛГОНДО КАЙРА КЕЛБЕ

*(Каникулга баруучу окуучуларга карата)*

Окуучу, замандаштар, кулак салгын,
Билимден аздыр-көптүр алып калдың,
Элиң бар суудан калган чөп сыяктуу,
Аларга пайда бергин болуп жамгыр.

Барганда дем алышка туулган жерге,
Элиңе кыргыз өңдүү калган кенже.
Чачпастан бекер жатып билгениңди,
Томсоруп күз болгондо кайра келбе.

Алданба жайлоодогу кымыз, этке,
Бул айткан менин, сөзүм болсун эсте.
Ичкенден кымыз, айран курсак керип,
Канакей, биздин кыргыз алга кетсе.

*1927*

## «ЭРКИН-ТООНУН» ҮЧ ЖАШЫНА

Үч жашка сен «Эркин-Тоо» быйыл келдиң
Кыргызга тоо-таштагы жемиш бердиң.
Аталып эми «Кызыл Кыргызстан»
Талпынып дагы илгери кулач кердиң.

Аралап тоо-таштагы элдин баарын,
Турмушун кандай түрлүү көрдүң алын.
Эзилип бай-манаптан кордук көргөн.
Аяп сен начарлардын уктуң зарын.

Элиңе бүт дүйнөдөн бердиң кабар,
Сен болдуң дарттуулардын эбин табар.
Эмне айтар арзы болсо калың кедей,
Билдирип кат аркылуу берди салам.

Илгертен арабызга жайган тамыр,
Жогот деп кыргызчылык эски заңын.
Орундап ыгы менен барын келдиң.
Жазганын кедейлердин алып кабыл.

Кыргыздын бет алдында жанган шамы,
Керилсин кедейинин аткан таңы.
Өзүңдөн жардам күткөн көп эмгекчи,
Мойнуңа далай милдет артат дагы.

Жашына быйыл дагы үчкө чыккан
Кубанат тилектештер даңкыңы уккан.
Аткаргын элиң арткан көп милдетти
Талыкпай биздин «Кызыл Кыргызстан»

*1927*

## КЫРГЫЗ АЯЛЫ

Кезинде колго калем кармаймын,
Теңдикке деп чакыргандан талбаймын.
Жаңы көргөн эркиндиктин шооласын,
Кыргыздын аялына арнаймын.

Май айы, асман тунук, ай он беште,
Жайлоонун эрке жели уруп бетке.
Асманда жаркыраган көп жылдызды,
Баратат болжолдуу таң шилтеп четке.

Тыйылды адамдар да түнкү жүргөн,
Үнү бар ар кай жерде иттин үргөн,
Жел жүрүп, кирс тартат сайдан сайга,
Жакшы жыт сурап алып жайкы гүлдөн.

Бул түндө жалгыз тынчсыз аккан булак,
Аралап Ала-Тоодон түшкөн чубап.
Үн салып, обон ойлоп, эркин өсүп,
Эзелден ушул жерди кылган турак.

Жаш Зуура суутга келип бетин жууду,
Көп тиктеп, жылжып аккан мөлтүр сууну.
Издеди бет алдынан жалгыз теңдик,
Төтөлөп эркиндиктин изин кууду.

Кубулуп көк жашылдап гүлдөр жайнап
Күүлөнөт күү келтирип куштар сайрап.
Жүрүшөт ошол өңдүү кызык жерде,
Дыйкандар суусун жыгып, кулак байлап.

Зуура өзү муңдуу болгон бир жаш келин,
Муңдантып шум табият алган эрин.
Курулган алдындагы торду көрсө,
Турабы эркиндикке буубай белин.

Илгертен кыргызчылык заңга сыйган,
Болбогон эч бир киши кой деп тыйган.
Зууранын күйөөсүнүн ашын берип,
Балага жети жашар нике кыйган.

Булут жок жаркыраган тунук асман,
Таң жакын жылдыздары нурун чачкан.
Жетемин — мен да үйүмө деген өңдүү,
Бараттат жарык ай да жанча шашкан.

Зууранын эркелетет тентек желдер,
Беттен өөп, кармалашып этек-жеңден.

Кетүүгө сен баш койдун алыс жолго,
Дегенсийт калалбайбыз биз да сенден.

Жаралып Зуура өсүп туулган талаа,
Кашкайган тунук суулар аккан салаа.
Эл-журту, эне-атасы баары калып,
Багыты жаш тилектин болду калаа.

Кетүүгө бул арадан Зуура шашты,
Кутулуп айылдан чыгып көңүл басты,
Бирок да алды жагын ойлоп көрсө,
Эрксизден кара көзгө алат жашты.

Жол үчүн алган азык бар колунда,
Жатпастан, туруп кетти заң торунда.
Теңдикти издеп жүрүп тапмак үчүн,
Баратат тилек тилеп эрк жолунда.

Таң атты торгой сайрап жер жарылып,
Зуура да узап чыкты нур жамынып.
Жаңыдан бошоп чыккан тоту эмеспи,
Жайлоодо күнү өткөн эрк сагынып.

## II

Таянып күн болжолу түшкө барган,
Көк талаа мелтиреген эгин салган.
Аңкайып анда-санда турат кыштоо,
Жалдырап кишиге окшош эстен танган.

Табият коё берсе тентек желин,
Эрксизден башын чайкайт өнгөн эгин.
Кубулат гүл, бай чечек, жыты жакшы,
Балкытып адамзаттын жазат черин.

Келатат чарчаңкырап Зуура дагы,
Билинбейт эмгек тартып куураганы.
Барайын бир араба кезигер деп,
Бурулду кара жолго туурадагы.

Жеринде кара жолго бура тарткан,
Жүрүшөт бир канча адам аштык баккан.
Зарлантып кармап алды төрт-беш киши,
Жер казып, апийимин отоп жаткан.

Бул топко Зуура ыйлап зарын айтты,
Көчирген жаш башынан алын айтты.
Жалынып өз жолума коё бер деп,
Сырынын жашырбастан баарын айтты.

Зарланган жаш аялды коё берди,
Көргөзүп жер болжолун айтып берди.
Иши жок канча жүрсө чарчоо менен,
Жүгүрүп жол боюна жетип келди.

Алып келип элге боёк, самын саткан —
Дунгандар калаа жакка бара жаткан.
Мурунтан ушул жерге болжошкондой,
Жолукту эки араба аштык тарткан.

Жалдады арабага акча берип,
Таштады өзү туулуп өскөн жерди.
Кай жерден эм табылып жоготом деп,
Жыйылган көңүлүндө кайгы-черди.

Күн өтүп калаа ичинде турган сайын,
Элестеп көңүлүнө түшөт айыл.
Быкылдап баш адашат адамы көп,
Биле албайт кандай түрлүү турмуш жайын.

Кеч кирди шаардын ичи болду жарык,
Жылдыздай электрик шамдар жанып,

Ишенбей өз көзүнө өзү турат.
Өңүмбү, түшүмбү деп айран калып.

Жымыңдап жанып турат электрик,
Быкылдап каршы-терши адам жүрүп,
Ушу экен «Прогресс» кино көрчү,
Ичине журттун баары жатат кирип.

Бирде өчүп, электрик бирде жанат,
Көзүнүн көргөндөрдүн курчу канат.
Эрксизден ээлендирип эт жүрөктү,
Түрдөнтүп музыканттар күүсүн чалат...

Таңданып турду дагы белет алып,
Олтурду көп эл менен кошо барып,
Ичинде мунун эми эмне бар деп,
Алдыңкы көшөгөгө көзүн салып.

Көрүнсө мелтиреген сонун калаа,
Бир туруп, болуп калат мейкин талаа.
Кара жер бир заматта аппак болуп,
Зырылдап кар үстүндө жүрүп чана.

Ойлонуп, кыялына кыял кошуп,
Кээде таң, кээде Зуура калат чочуп.
Келаткан от араба, толкун сууну,
Деп ойлойт ак көшөгө турат тосуп.

## III

Мындай күн тууду дешип бизге кайдан,
Бут шилтеп тегиздикке канат жайган.
Зууранын бир топ жашка кошулганы,
Кеминде ашып кетти беш-алты айдан.

Өткөн жыл зарлуу болуп кара кийген,
Эрксизден куу турмушка башын ийген.
Билимдин аздыр-көптүр даамын татып,
Газетке макаланы быйыл чийген:

«Кыргыздын аялдары жаңы талап,
Козголчу мындай күндө жатпай карап.
Теңдикти жалпы кирип алалык да,
Кеңештер турганында журт деп санап.

Коротпой замананын бийлик баркын,
Зарланып өткөн күндүн тартты дартын
Соңунан Компартия жүрөлүк да,
Жалкоолук эски адаттын баары калсын.

Жоголсун өз баласын малга саткан,
Кемитип аксакалдуу чалга саткан.
Көтөрбөйт бул адатты азыркы заң,
Теңдиктин өчпөс кеңеш жолун ачкан».

Көргөндө жазган сөзүн Зуура жаштын,
Аялы биздин кыргыз көзүндү ачкын.
Замандын колдо турган кезегинде,
Теңдиктин жемишинин даамын таткын.

*1927*

## БҮБҮКАН

Бүбүкан талаа кызы элден келген,
Арасы Ала-Тоодой жерден келген.
Талабы эмгекчи үчүн кызмат кылып,
Алсам дейт боо-боо кылып алкыш элден.

КАНТС...

Көргөндө кээ бир, кээ бир жалкоолорду,
Эчтеме ойлобогон аңкоолорду.
Көтөрүп куру боюн, төшүн керген,
Кайсы бир кең көкүрөк чалпоолорду.

Деп айтат: адам эмес, ичи кайнап,
Ичи дат, куру сыртын койгон майлап.
Жек көрөт каны менен, жаны менен
Аянбай чыны менен белин байлап.

Жетүүгө өзү дилгир талабына,
Жалкоо эмес, тырыш болду сабагына.
Кез-кезде, ойлоп көрүп түрдүү жакты,
Көз салат Ала-Тоонун алабына.

Байкаса шордуулар көп Ала-Тоодо,
Чыгалбай бек камалып жаткан зоодо.
Дем алыш убагында элге барып,
Деп ойлойт: «Билимди берсем ошолорго».

Бул ой менен быйыл жай элге бармак,
Аралап Ала-Тоону көрмөк чардап.
Ал жерде эже, сиңди алын көрмөк,
Жатышкан эскиликтен чыкпай зардап.

Үч айга элге барып келмек болду,
Аздыр-көптүр билимин бермек болду.
Бүбүкан эми аз күндө багыт алып,
Кулачын элди көздөй кермек болду.

*1927*

## МОЛДОНУН КАШ КИРПИГИН ЖУЛАЛЫ

Көзүбүз караңгылыктан байланып,
Мурун жүрдүк молдолорго айдалып.

Эмне айтса молдонуку макул деп,
Карайлап көк мээ койдой айланып.

Эркинче эзип келди молдолор,
Элди алдап, эпчил куулар оңбогон.
Азаттык жакты көздөй бастырбай,
Алардын жүрөр жолун тордогон.

Келди деп мынабу апат алладан,
Аялга тумар жазып алдаган.
Тилектеш эмне кылса да ой бир,
Аларды сопулары жандаган.

Орозо дагы мыктуу куралы,
Араптын эски чирик куралы.
Буларга биздин ичтен орун жок,
Молдонун каш-кирпигин жулалы.

Тилеги таштай катты нечендин,
Алдагыч кожо, молдо, эшендин.
Эми да мурункудай динчилге,
Алдануу иши болот эсердин.

Түгөндү молдолордун эрмеги,
Келтирсе да эчен түрдүү келмени.
Бүгүнкү динчилердин атынан,
Бизге кызык иттин үрүп келгени.

Айттын жок бизге тыйын кереги,
Көз таңып караңгы кылды себеби.
Түшүндүрүү элге зыян экени
Айтка берер комсомолдун белеги.

*1928*

## ТЕРДИКБАЙ

Жайлоонун жашыл ыраңы,
Жайлоонун толуп убагы.
Бул убакта жайлоодо,
Жазылат жандын кумары.

Жашыл ала гүл жайнап,
Сандатып байлар бээ байлап,
Сандалып далай жалчылар,
Кой артында чай-чайлап.

Бай балдары оюнда,
Эл конгон суунун боюнда,
Байкуштар жүрөт мал багып,
Жүктөлгөн кызмат мойнунда,

Суу кечип балдар чечинип,
Башынан муңду кечирип
Ар кимиси ар иште,
Бай колунда эзилип.

Жайлоонун жели сыдырым,
Жайлаган тоонун чыбырын.
Жардан жарга койгулайт,
Жандуунун айткан шыбырын.

Жетилип гүлдөр сайдагы,
Жер бети гүлдөп саймалуу.
Желеде жылкы котолоп,
Кулундар жатат байлануу.

Өтөктөр толгон ак үйлөр,
Өрүгөн малга чак үйлөр,
Коңшулардын ичинде
Өңшөйө тарткан кара үйлөр.

Кыз-келиндер буралып,
Кылчактай басып суу алып.
Кызымтал болгон мырзалар,
Буларды көрсө кубанып.

Бураңдаган келиндер,
Мырзалар жандап керилген.
Кесир чайкап келберсип,
Бут шилтөөдөн эринген.

Жалчылар ыраак булардан,
Жанашып чыкпай кумардан.
Жанына жакын жолотпойт,
Кесирдүүлөр буралган.

Байкуштар ыйлап мал багып,
Байларга жүрөт алданып.
Толук акы алалбай,
Торпок үчүн кармалып.

Жылдык акы кой, серке,
Жыргап калат бүт берсе.
Жылыштатып жок кылат,
Бербей жүрүп эч нерсе.

Ошонун бири Тердикбай,
Бир күнү калбайт мал бакпай.
Алты жыл кылды кызматты,
Акысы жалгыз — жан бакмай

Таң убагы болгондо,
Тал-талга чымчык конгондо.
Талаадан барып жылкы айдайт,
Таяк алып оң колго.

Күндүз койдун соңунда,
Курушкан тону жонунда.

Түндө жатса төшөк жок,
Төөнүн жыртык комунда.

Туурулуп буту кесилип,
Самсаалап көйнөк эшилип.
Козу бакты, кой бакты
Турумбек байга эзилип.

Бай эзди жетим баланы,
Байкушту кээде сабады.
Кетүүгө эркин жол бербей,
Кесирдүү турмуш камады.

Ата-энеден жаш калган,
Айрылып жалгыз баш калган.

Аяп койбойт Турумбек,
Абдан эзди «кулум» деп.
Аш да бербейт жарытып
Байбиче да көрөт жек.

Кекетет күндө эбиреп,
Тил укту далай келинден.
Коңшусунан бул байдын
Сорпосуна семирген.

Ойлосо баарын күйөт жан,
Айтпайт го деп бизге таң
Санаса көргөн кордугун
Кең дүнүйө болот тар.

Турмуш чиркин кысты бек,
Тегерете коюп чеп,
Темтеңдетти канетсин,
Күйөрү мунун «дебей эп».

Биле албайт кайда барышты,
Канткенде теңдик алышты.
Малайлык деген бир балаа,
Такымга мыктап жабышты.

Жетим калган так беште,
Эс акылы жок кезде.
Кеңештер он бир жашады,
Келгенде жашы он бешке.

Угуучу болду бирдик деп,
Уюмга жалпы кирдик деп.
Жарды-жалчы баш кошуп,
Социал көздөй жүрдүк — деп.

Социал эмне биле албайт,
Шарданга кошо кире албайт.
Жарды-жалчы дегенди,
Көңүлүндө бек кармайт.

Кез-кезде көөнү бузулат,
Кедейлер жакка жутунат.
Билгенден толук угууга,
Кездешпей эч ким учурап.

Турумбек дайым сырт жердейт
Көлгө түшүп түк келбейт,
Эл ичине келүүгө,
Тердикбайга эрк бербейт.

Жазында болду дем алыш,
Келебиз деп эс алып.
Окуучулар тарады,
Жайлоону карай бет алып.

Жайлоого жалпы тараштыы,
Эл ичин байкап караштыы.

Эзилген байкуш Тердикбай,
Жаманкулга жанашты.

Айтат көргөн кордугун,
Турумбектин зордугун.
Башка чапкан, аш бербей,
Байбиченин чоңдугун.

Эзилбе эми иним деп,
Эптеп алгын билим деп.
Эзилгенге көз салчу,
Кеңеш өкмөт пириң — деп.

Бул убак теңдик замана,
Залимдер келбей арага,
Ачылып жатат окуулар,
Сен өңдүү жетим балага.

Жаманкул айтты акылды,
Бай берет деп акыңды.
Он бирге кеңеш толгондо,
Агызбагын жашыңды.

Тердикбай эми көз ачты,
Окуучу акыл сөз чачты.
Көргөн кордук азаптан,
Куткармак болуп жаш башты

Тердикбай кетти байынан,
Туз татып өкмөт чайынан.
Мурун жаткан козголбой,
Караңгылыктын айынан.

Бошонду байдын торунан,
Заардуу тырмак колунан.

Аман турса байынын,
Кайыш алар жонунан.

*1928*

## КУРМУШУНУН ТИЛЕГИ

***(Эгин даярдоо өнөктүгүнө карата)***

Курмушу кечээ келди калаадан,
Алыптыр бир сокону жараган.
Артыгымды өкмөткө берем деп,
Аштык тартып алып кеткен талаадан.

Курмушунун кабагы ачык күлүңдөп,
Бар экен көрө турган күнүм деп.
Байкабай биз былжырап жүрүппүз,
Замандын жаркыраган түрүн деп.

Маңдайында кубанычтын шамы бар,
Кеп салат көргөнүнүн баарынан.
Жыйналган ал эгиндер ким үчүн,
Калтырбай түшүнүптүр абыдан.

Ач болсоң кайта берет өзүңө,
Ишенбе бузуктардын сөзүнө.
Пайдакеч митаамдарга сатканча,
Берем деп өкмөттүн өзүнө.

Дагы барып артыгымды беремин,
Алып калам өзүм үчүн керегин.
Кайта келип ар шайманын даярдап,
Эрикпей күздүк эгин эгемин.

Далай жылы малай болуп келгенмин,
Мал багып жумуш кылып терледим.
Куурап калган жайы-кышы эмгекти,
Тыйын албай байларга да бергемин.

Ошентип, кордук көрүп байлардан,
Убалдан түк коркпогон айбандан.
Бул кезде өз эмгегим өзүмө,
Буудайым, арпа, сулуум айдалган.

Өкмөтүм акча берет даныма,
Көз салат көрүп менин алыма.
Текшерип өткөн кордук күндөрүн,
Мен эле эмес, мендейлердин баарына.

Бул жолку эгиниме соко алдым,
Ар түрдүү шаймандарын кошо алдым.
Сокосу үчүн, күчүмдү алып кан соргон,
Байлардын тырмагынан бошондум.

Эмкиси көйнөк-көнчөк балдарга,
Ичеримди төгүп койдум амбарга.
Чын көрүп бал тилине ишенип,
Мындан мурун алданганмын чандайга.

Эми уят дагы аларга алдануум,
Бошонбой туткун болуп кармалуум.
Өлсөк да өкмөт менен бир болсок,
Дүйнөдө түк да болбойт арманым.

*1928*

## ЭМГЕКЧИ ТАБЫНА

Бийликти жалчы алганга,
Кедейлер ураан салганга,
Он бир жыл болду так быйыл,
Эркиндик шамы жанганга.

Күчтөнүп жанмак дагы да,
Жалчы эмгекчи табына,
Чачыратып шооласын,
Тийгизер кези баарыга,

Дүнүйөдө эмгекчи,
Башын кошуп келмекчи.
Арабыздан жоголмок,
Сүйбөөчүлөр эмгекти.

Далай кыйын кыр аштың,
Кыйлага ачык сыр ачтың.
Талабың артып турмушта
Жайылган кези кулачтын.

Арамдын баары жоголуп,
Азыр багыт оңолуп,
Аркандан жалчы топтолду,
Азамат болуп торолуп.

Көздөгөнүң социал,
Көңүлүң коюп жалчылар.
Туусун кармап ээрчиди,
Коммунисттин артынан.

Нурданган кызыл туу колдо.
Бурулбастан оң, солго
Жалчы кирди баш кошуп
Социалдык түз жолго.

Аралаш эркек, аялдар,
Ажырап чыккан жаяндан.
Алдыңкы ойго жетүүгө
Эч кими жок аянган.

*1928*

## БАСМАКАНА

Даярдап китеп, журнал, газет баскан,
Таратып туш-туш жакка билим чачкан.
Турбастан чарчадым деп, чаалыктым деп
Талыкпай мунун баарын иштеп жаткан.

Каарманы кажыбаган басмакана,
Кайраттуу иштеп жаткан ишчи жана.
Булардын эмгегинен жемиш жеген,
Калаада, кыштактарда, ой, кыр талаа.

Басма көп дүнүйөдө, ар бир тапта,
Бир эмес ар киминин ою башка.
Кызматы баарыныкы өз табы үчүн,
Эмгекчи муңун мундайт биздин басма.

*1928*

## БАЙДЫН АРМАНЫ

*(Кеңеш шайлоосуна карата)*

Ай арман, жылдан жылга баркым кетти,
Илгерки жыргап жүргөн күнүм өттү.

Келди деп эми бизге бул замана,
Кайдагы жетеси жок кулдар көптү.

Кечээ эле биздин үйдүн суусун алган,
От жагып, күл чыгарып, отун жарган,
Сүйүндөр киши болуп, эл бийледи,
Көргөндө келип кетет өлгүм ардан.

Кеттиңби баштан өтүп кайран заман?
Кулдарга бек айталбай түгөндү амал.
Койчу да тең кылбады жок дегенде,
Кайда эми баш калкалап жерим барар?

Койчумду бир далай жыл жүрдүм алдап,
Ооз менен телегейин текши камдап.
Бир күнү шайлоочуга барып келип,
Төбөмдү кете берди бул да кандап.

Жарабай шайлоого да сандан чыктым,
Кудайым тирүү бойдон көргө тыктың.
Койгончо дүнүйөгө алып кетпей,
Көргөзүп бул кордукту эмне кыстың?

Жакшы экен мындан көрө өткөн жылдар,
Шайлоочу көп мойнобой кеңеш кылган.
Досу жок быйылкынын кулдан башка,
Бузулду так ушул жыл жылдагыдан.

Чакырсак конбой кетти сыйлап аны,
Ээрчиптир аркасынан кулдун баары,
Өткөндөрдү ойго салып элестетип,
Адамдын чыдай албай күйөт жаны.

Эми мага тирүүлүктөн өлүм артык,
Жүргөнчө бул замандын зарын тартып,
Шайлоодон айдап чыкты залимсиң деп,
Кечээги тушоодогу кулдар жаркын.

*1928*

## АЯЛДАР МАЙРАМЫ

Күңгүрөнөт кара жер,
Дегендей «Теңдик алгын кел».
Көңүлдөгү дат болгон,
Жоголгондой кайгы чер.

Калаанын ичи гүлдөгөн,
Калайык чубап дүрбөгөн.
Ниети бузук залимдер,
Тиктей албай сүрдөгөн.

Желпилдеп туулар бурулат,
Ырайы түрдүү кубулат.
Кубангандан эт жүрөк,
Дикилдеп лик-лик урулат.

Алып кызыл байрагын,
Чогултуп кедей аймагын.
Өткөрө турган күн экен,
Аялдардын майрамын.

Тилеги бирге жалчы тап,
Аял, эркек, кары, жаш.
Мен эмгекчи дегендер
Туу түбүнө ийип баш.

Турганда туулар жаркырап,
Жангандай болуп шам чырак.
Өткөрөлү майрамды,
Кедей, дыйкан жалпылап.

*1928*

## КОЛ СУНГУН ТЕҢДИК ГҮЛҮНӨ

Нурданган бүгүнкү күн алтынбы,
Кубанычы эмгекчинин артылды.
Ээленип эт жүрөктү туйлатып,
Барабан, музыкалар тартылды.

Колунда түрдүү кызыл байрагы,
Көчөгө адам батпай жайнады.
Куттуктап кубангандан бул күндү,
Нечендер тилин безеп сайрады.

Кутулган алкымынан жаяндын,
Уусунан курт-кумурска, чаяндын,
Дүйнөдө адамзаттын энеси —
Бүгүнкү күн майрамы экен аялдын.

Ким кубанбайт, мындай шаңдуу күнүңө,
Ким кубанбайт ачык көңүл түрүнө.
Талпынып жалпы эмгекчи аялдар,
Кол сунгун дагы теңдик гүлүнө.

*1928*

## КЫШ

Кар жаады, шамал жүрдү, эркин жойлоп,
Түк жан жок кучагынан чыккан мойноп.
Ээлеген кең талааны жалгыз аяз,
Элирип өйдө-төмөн салып ойнок.

*1928*

## ЭЛ ЖАШТАРЫНА

Кез келди талпынарга эл жаштары,
Кой баккан талаадагы тоо-таштагы,
Биздин топ социалга бетин буруп,
Кармады кызыл тууну, жол баштады.

Сен өстүң бай колунда багып коюн,
Эт жебей, кой сойсо да мүлжүп моюн.
Көйнөк жок, жалаң тонду этке кийип,
Кандай десе макул деп байдын оюн.

Орок оруп, зарданып чөбүн чаптың,
Суу куюп, отун алып отун жактың...

Эрк тийгенге он бир жыл быйыл болду,
Залим чыгып конушка кедей конду.
Ээрчитип сүйгөн табын адаштырбай,
Компартия келатат баштап жолду.

Жүргүлө, чогулалы, кой баккандар!
Зарданып өткөн күндө жашы аккандар.
Кутулуп чыга албастан бул кезде да,
Бай колунда эзилген көп жаш балдар!

*1928*

## ЖАШ КОЙЧУ

Чилденин ач көз жели чымчып беттен,
Бошотуп түк адам жок белин чечкен.
Улуган карышкырдай кардуу бороон,
Жандууга ырайымсыз күүсүн черткен.

Кар алган кучагына жердин бетин,
Муз каптап көк жалкаяк суунун бетин.
Кутурган, аркыраган кыштын жели,
Адамдын жалап-жуктап каарыйт бетин.

Сур булут асмандагы күндү каптап,
Чилденин өкүм сүргөн суугун жактап.
Карды тээп, чөп оттомуш болуп малдар,
Кароолдоп чыкты артынан малсар чалдар.

Койчу да коюн жайды тоого таяп,
Жолдошу колундагы четин таяк.
Бул дагы бир адамдын баласы — деп,
Бай чиркин унаа бербейт аны аяп.

Жашынан ата-энеден калган жетим,
Кандуу жаш кайгы менен жууган бетин,
Туулгандан жашы он үчкө келгенинче,
Түк дагы көрө албады жыргал бетин.

Тезек терип, жаш чактан козу бакты,
Айласыз эки көздөн төгүп жашты.
Мынакей алты жылга быйыл толду,
Куу турмуш койчу деген атак такты.

Колунда туулгандан болду байдын,
Көп көрбөдү жонуна чыгып тайдын.
Кубанат өгүз, торпок колго тийсе,
Муну да байы берип кылбайт кайрым.

Өмүрү бүтүн кийим кийгени жок,
Башы бош, байдан эркин жүргөнү жок.

Бүгүн да жонундагы жыртык тону,
Суук өттү, тоңду байкуш, кайнап шору,
Деп ойлойт: «Бар бекен деп дүнүйөдө,
Бактысыз мен өңдөнүп болгон шордуу.»

Жеталбай бара жатып койчу койго,
Өткөндү элестетип келтирди ойго.
Эске алып өкмөт адил деген сөздү,
Ысык кан тарап кетти бүткөн бойго.

Токтотуп бир азыраак жыйып бойду.
Туш-тушка эркин тарап кеткен ойду.
Эми мен, башты байдан бошотом деп,
Ал жерге кетмек болду таштап койду.

Кайрылып кайра тартып кирди жолго,
Бараткан жаш койчунун багыты оңго.
Жолдошу бир туугандай өмүр шерик,
Баягы четин таяк дагы колдо.

Түш ченде кеңсаларга койчу келди,
Көз чалды топтолушуп жаткан элди.
Жыйналган көпчүлүккө сүйлөп турган
Адамга муң, арызын айтып берди:

— Угуңуз кагылайын жаным ага,
Мен өзүм шордуу болгон жетим бала.
Өмүрүм бай колунда күнүм өттү,
Куткарып ала турган барбы чара?

Өзү экен анык жетим аягандын,
Алсызды жөлөп өйдө таягандын,
Калаадан чыккан экен эл аралап,
Аты ким жетимди эзген бай арамдын.

— Эзилген бай колунда жетим! — деди,
Кайгыңды көңүлүңдөгү кетир деди.
Акыңды сот аркылуу алып берем,
Окуу окуп бу заманда жетил деди.

Эзилип байдан кордук көргөн иним,
Кеңеш өкмөт так сенин болот пириң.

Тапшыруу бир орунга мага милдет,
Жакшылап мектептерден алгын билим.

Өмүрү мындай сөздү укпаган жаш,
Жемеден баш бошотуп чыкпаган жаш.
Албырып чекесинен тери агып,
Көрүнөт бирдемеге болгондой мас.

— Өкмөткө деди,—койчу,—жаным курман,
Көз салып жалчыларга бетин бурган.
Күнү өткөн байдын тепки таягында,
Куткарып мендейлерди азат кылган!

Кара шаар, карарган калың бакка,
Көзүн ачып билимди берер жакка.
Ээрчитип алып кетти баягы адам,
Койчунун жашы он үчкө келген чакта.

Жаш койчу жаңы баштап көзүн ачты,
Турмушка социалдык кадам басты.
Эзелден бай колунда күнү өткөн,
Октябрь жемишинин даамын татты!

Аз эмес бай колунда шордуу болгон,
Ичинде Ала-Тоонун үшүп тоңгон.
Аларды айрып алуу биздин милдет,
Өнтөлөп жетимдерге болуп коргон!

*1928*

## БИЗДИН БАГЫТ

Биз жүрдүк алды жактан багыт алып,
Маңдайда эркиндиктин шамы жанып,
Ээ болуп эзилгендер тизгинине,
Мурунку эски адаттын баары калып.

Аяңдап эзилген тап түштү жолго,
Желпинтип кызыл желек алып колго,
Илгерки Николайдын заманында
Зарланып бошоно албай жаткан тордо.

Жылдызды күлүмсүрөп туугаңда оңу,
Биз кирген алга карап Маркс жолу.
Адашпа мындай жолдон кел бирдикке,
Дыйкандар, кара таман жалчы тобу!

Дүйнөгө ураан салган Коминтерн,
Чакырган башын кош деп эмгекчи элин.
Баштаган төтө жолго Компартия,
Жетүүгө тилегине байлап белин.

Негиздеп Коминтерн жолду чалып,
Кедейлеп дүнүйөгө ураан салып.
Баш кошуп аркасынан жалпы эмгекчи,
Бет алган социалдык биздин багыт.

Бекитип Компартия алды ишин,
Мокотуп душмандардын кайрып мизин.
Жетектейт алга карай жеңиштерге,
Болот курал — марксизм-ленинизм.

Кудайдын, пайгамбардын, шайтан,
жиндин,
Анчейин сөз экенин билдик диндин.
Бирдешип, жалпы эмгекчи бириктешкен
Жолуна Маркс менен Лениндин.

*1928*

## ОН ЖЫЛДЫК УЛУУ ТОЮҢ КУТТУУ БОЛСУН

*(Кызыл аскердин он жылдыгына карата)*

Коргону кеңештердин Кызыл Аскер,
Сактоочу душмандардан келчү четтен.
Врангель, Колчак менен Деникиндей,
Душмандын далайынын башын кескен.

Өткөндө Кызыл Аскер кылган кайрат,
Көрсөтүп душмандарга каардуу айбат.
Жылында он жетинчи, октябрда
Залимди ичибизден чыккан айдап.

Колуна кайраттанып жарак алган
«Жалчыны коргойбуз»—деп ураан салган.
«Сактоону милдетим» — деп эмгекчи элин,
Тартынбай кан майданга туура барган.

— Ийменбес Кызыл Аскер жанган оттон,
Имерген душмандардын алдын тоскон.
Жанымды эмгекчи үчүн кыйбаймын деп,
Тартынып калган эмес аткан октон.

Заңына аскерликтин башын ийген,
От жүрөк, чыны менен журтун сүйгөн,
Куруурга социалдык[1] жан курбан деп,
Туулган эл, турактуу жер безген үйдөн.

Кылкандай кырка-кырка кызыл жаштар,
Үйрөнүп жоонун жайын алган маштар.
Айтары эмгекчинин куттуу болсун,
Онундан он бир жашка аяк баскан!

---

[1] Социализмди деген мааниде.

Он жылдык куттуу болсун улуу тоюң,
Эр жүрөк келгең мүчө аркар моюн.
Жок кылып, бай өкмөтү курган торду,
Эмгекчини өнтөлөп сактоо оюң!

*1928*

## ТУТКУН

*(Байчыл мамлекеттеги туткун күрөшчүлөргө)*

Жолуна эркиндиктин жумшап күчүн,
Эзилген эмгекчидей табы үчүн.
Алыста, жат элдеги көп туткундар
Жатышат коммунисттин көрбөй жүзүн.

Караңгы үй, эшигинде салган кулпу,
Жана да желдеттер бар катар турчу.
Андан соң кыйындыкта турса дагы,
Алардын түк жоголбойт жүрөк курчу.

Бекиткен терезени темир тордоп,
Фашисттер кайдан турсун турмуш оңдоп,
Ошондой эрк жолунда туткундарды,
Бек сүйүп Коминтерн алат коргоп.

Агарып кордук менен сакал-чачы,
Капаста өтүп жатат далай жашы.
Кер-сары жүздөрүндө түк да кан жок,
Аябай залимдердин өттү датьы.

Алар бир эрк сагынып жаткан арстан,
Жете албай тилегине азап тарткан.
Орундап качан болсо тилектери,
Эмгекчилер унутпай атын жаттар.

Чачылып жер бетине жарык учкун
Бошотот ал жарык нур сени туткун.
Талкалайт эмгекчилер эртең эле,
Душмандын терезесин, темир кулпун!

Ошондо тилегине жетсек деген,
Орундайт алдыңарга баары кенен,
Сагынган эмгекчилер кулач жайып,
Көрүшөт кучакташып силер менен!

Жаткыла ага чейин зарыкпастан,
Күнүңөр бизге дайын көрүп жаткан.
Кармалып теңдик үчүн туткун болуп,
Кан тырмак, кайрымы жок, айбан-жаттан.

Силерге эмгекчи элдин жаны курман,
Эрк үчүн эч бири жок карап турган,
Мал мүлкү, ой-тилеги эмгекчи элдин,
Жолунда социалдын баары турган.

*1929*

## ЖАЛЧЫ

Жер аппак кар жамынып, асман булут,
Ызылдап кыштын тентек жели улуп.
Кыш келди былтыр кеткен дагы кайта,
Жандууну койбоочудай колун сунуп.

Суук күчтүү каарын төгүп мындай күндө
Жөнөдү карган жалчы жарым түндө.
Айдаган токулгалуу өгүзү бар,
Көрүнөт бир азаптуу белги түрдө.

Бул өзү азап менен карган жалчы,
Картайып кырктан ашып барган жалчы.
Чилденин залим суугун мойнуна алып,
Жөнөдү тоону көздөй отун алчу.

Бул жалчы тоодон барып отун алмак,
Куу турмуш жаш чагынан койгон каргап.
Эми мен кетейин деп кеңеш салса,
Кетирбей байы муну жүрөт алдап.

Кар кечип, байкуш отун алды тоодон,
Аркайган чоң капчыгай бийик зоодон.
Эрк берген кеңештердин тушунда да,
Бошонбой келе жатат башы зоодон.

Жалчы сылай өгүзгө отун жүктөп,
Жол менен келе жатат тоону этектеп.
Үшүдү, калтырады ачка байкуш,
Суук дагы баштагыдан турду күчтөп.

Жылыйын деп жерге түшүп жөө да басты,
Кандай айла кылса да болбоду асты.
Кул болуп минтип эмне жаралдым деп
Буркурап кара көздөн төктү жашты.

Түгү гана үрпөйүп калган бетте,
Өлүмдөн башка бир ой келбей эске.
Делейип бүткөн бою кыймылдабай,
Ач байкуш аттан учуп түшөр кезде.

Жолукту бет алдынан киши бир топ,
Дегендей: «Азабыңа биз да орток».
Келаткан карган жалчы түрүн көрүп,
Ийрилип баары келип турду токтоп.

Шайлоочу комиссия экен булар,
Эзилген жалчылардын алын сурар.

Оло турган болуптур эми аз жүрсө,
Бири айтты: — Бечарага — деди, убал.

Сурап билип жалчынын алын көрүп,
Алышты өздөрүнчө байды сөгүп.
Укканга байкуш деген жылуу сөздү,
Ан сайын жалчы ыйлады жашын төгүп.

Беришти жалчыны аяп жылуу кийим,
Жүрү деп кайта алып жүрдү кийин.
Алданып жүрүү уят мындай кезде,
Көрбө — деп, эми кайта байдын үйүн.

Ал күнү бирге барып чогуу конду,
Батырак калдыраган жаман тондуу.
Эртеси эртең менен саат тогузда,
Эл чогулуп айылдык шайлоо болду.

Карт жалчы кордук көргөн ачты көздү,
Мүчөсү айыл кеңештин болуп өттү.
Отуз жылы бир байда болгон жалчы,
Укпаган өмүрүндө жылуу сөздү.

Тыйын-акы албаган отуз жылдан,
Мынакей эми алууга келди жыргал.
Күчүн алып, аябай канын соруп,
Зарлантып эмгегин жеп келген шумдар.

Шайлоочулар түшүнтүп айтты топко:
— Жүрдү — деп отуз жылы бекер бошко.
Алсын — деп, тиешелүү эми акысын,
Тапшырды жеген байдын ишин сотко.

Акысын алмак болду сот аркылуу,
Көңүлдөн кайгы болгон чер таркады.
Теңдикке эзилгендер жеткенине,
Кол чапкылап, кубанып эл таркады.

*1929*

## ЖӨНӨТТҮ АЛА-ТООДОН ТЕРИП АЛЫП

*(Бай-манаптарды айдаганда)*

Бир кезде Ала-Тоону байлар ээлеп,
Кедейди өрдөктү алган куштай мээлеп,
Аябай канын соруп эмгегинен,
Курсакты каптай кылып, күткөн дөөлөт.

Ал күндө жалпы эмгекчи тарткан кайгы,
Жактады андагы өкмөт, манап байды.
Эмгеги өзүнө эмес, сүлүк үчүн,
Колуна күрөк, кетмен алган айры.

Кедейди байлар эзген, убал дебей,
Ал чакта эмгекчини баскан туман,
Айласыз таманында жата берген,
Эркиндик шооласына болуп кумар.

Кеңеш чыкты, ошентип, жаткан кезде,
Анын баары кат болуп турат эсте.
Кастарлап эмгек ээси кедейлерди,
Бай-манап залимдерди какты четке.

Жыл болду андан бери он эки, он үч,
Жыл сайын артылууда жыйналып күч.
Бай-манап, мурунку өткөн күнүн ойлоп,
Билгизбей салып келди элге бүлүк.

Жоктоду зар какшады өткөн күнүн,
Кеттиң—деп, кайда адашып көпкөн күнүм.
Жетелеп алып жүрдү токмок кылып,
Кайсы бир кызматчыны алган тилин.

Айдады бай-манапты алыс жерге,
Баткан деп, тырмагыңар эмгекчи элге.

Оокат кыл ошол жактан күнүңдү көр,
Келбе деп эми кайта биздин жерге.

Жөнөттү Ала-Тоодон терип алып,
Мойнуна эмгекчилер боолук салып.
Айдалды эмгекчинин канын соргон,
Чочкодой чоң семирген карды салык.

Кедейлердин күчүнөн малды санап,
Былк этпей, жатып ичкен арам тамак.
Шишиңердин жетилип толгон чагы,
Туш-тушка тентигиле эми тарап!

Салдыңар бир убакта элге талаан,
Кайсадыңар, караңгы элге болуп каман.
Кайра келбейт ал күндөр эми үмүт үз,
Кез келди кедейлерге жыргал заман!

Айдалбай Ала-Тоодо болсо калган,
Бүлдүрүп эл ичине бүлүк салган.
Жол бербейт, орун бербейт арасынан,
Кутулат эмгекчилер дагы андан!

*1929*

## ЖАҢЫ КҮЧТӨРГӨ

*(борбордук кыргыз педтехникумун
биринчи бүтүргөндөргө)*

Кез болуп кең заманга замандаштар,
Келгенбиз мейкин талаа, тоодон аскар.
Окуу окуп, бир топ жылы мектептерден,
Коммунист тарбиясын алган жаштар.

Бүтүргөн техникумду жаңы күчтөр,
Жалын жүрөк, жаш кайрат жарык жүздөр,
Зарыккан Ала-Тоонун арасында,
Силерде үмүтү көп элдин күтөр.

Алты жыл бирге окуп, бирге өстүк,
Ар түрдүү маселени чогуу чечтик.
Эмгегибиз эмгекчи тап үчүн — деп,
Туулуп өсүп, чоңойгон жерден келдик.

Бир жүрдүк, бир казандан ичип тамак,
Күлүп ойноп, бир жерден окуп сабак.
Көргөзгөн коммунисттин жолу менен,
Көздөгөн бирге болду биздин талап.

Бир жүрүп бир орундан алдык билим,
Улуу ага, теңтуш курбу, кичүү иним.
Алты жыл алганыңды эмгекчи элге,
Талыкпай иш жүзүндө чачар күнүң!

Эмгекчи көп Ала-Тоо, Алайларда,
Эзилген бай колунда, далайлар да.
Жолдоштук жөнү менен биргелешип,
Чачалы илим-билим малайларга.

Элде жатат телпейбек, курмушулар,
Алууга илим-билим болуп кумар.
Берет деп бизге келип качан билим,
Бүтүшүн жаштарынын күтүп булар.

Ээ болбой эмгегине болушкан зар,
Эзилген бай колунда жалчы да бар.
Жумшаган өздөрүнө өз күчтөрүн,
Дыйкандар орто чарба малчы да бар.

Акча үчүн кызмат кылып жүргөндөр бар,
Көз боёп, эптеп доорон сүргөндөр бар.

Сүйлөшүп байлар менен жакшы гана,
Кедейди шылдың кылып күлгөндөр бар.

Бузукту адат кылып калгандар бар,
Эл бузуп, элге бүлүк салгандар бар.
Таанбай алиппени түзүгүрөөк,
Атагын кызыл мугалим алгандар бар.

Бул өңдүү толгон эски адаттар бар,
Билгизбей эл бүлдүргөн манаптар бар.
Мурунтан кайгы тартып эзилсе да,
Мытаамдыкка ык алып жанашкан бар.

Жана да элди алдаган молдо, сопу,
Булар эмес эмгекчи элдин жакын досу.
Канчалык билдирмексен жүргөн менен,
Ою арам, эмгекчиге келбейт кошу.

Эскерип тарптын жүгүн, эл тилегин,
Жоготкун эскиликтин чирик заңын.
Сугаргыла кандырып билим менен,
Эрк алган зарыкканда жалчы табын.

Жоголсун чабактарды жуткан жаян,
Далайды алсыраткан чаккан чаян,
Иштеген ишчилерге биз жардамчы,
Баруута аркаңардан биз да даяр!

*1929*

## КОЛЛЕКТИВ

Кубулган бачайыдай мейкин талаа,
Сүйкүмдүү таасир берет көргөн жанга,

Ыргалтып тынчын алып жашыл чөптүн,
Эпилдеп атыр жели жүрүп жана.

Ырайы эң бир кызык эгин, чөптүн,
Жайнашат кызыл-ала, акчыл-көкчүл.
Бул кезде табияттын сулуулугу,
Эрксизден жоосун алат көргөн көздүн.

Күн дагы алтын нурун төккөн жерге,
Жымылдап көзүн тигип эмгекчи элге.
Жайкалып кең талаада өсүмдүктөр,
Жай гана козголушат тентек желге.

Жер бети эртең менен кандай сонун,
Көргөзүп караганда түрдүү форум.
Чагылышып, түрдөнүп күн нуруна,
Ар жерден гүл, байчечек алган орун.

Колунда кээ бир кишинин күрөк, кетмен,
Суу сугарып жүрүшөт бойлоп өстөн.
Кай бири түрүнүшүп мээлей кийип,
Жулушуп эгиндеги отоону өскөн.

Булар ким? мунун баары — эмгек эри,
Тараган жүрөктөгү кайгы чери.
Майышкан эгин менен бул ой-талаа,
Эрк менен быйыл жаңы алган жери.

Биригип он жети үй бир коллектив,
Талаасын эгин менен толтуруп жык.
Бузук жок арасында, баары кедей,
Жумушка аттанышат калышпай бүт.

Өкмөттөн түрдүү-түрдүү болгон жардам,
Айдашып, өчүн алып бай-манаптан.
Малайы Асанбайдын Мамытбекти,
Баш кылып бул коллектив шайлап алган.

Өсүүдө коллективдин иши күндө,
Баш тартпай иштеп жатат баары мүлдө.
Түшүнүп айылдагы эмгекчилер,
Чарбасын куруп жатат жаңы түрдө!

*1929*

## ТАЛААДА ЭМГЕК

Жайлата кең талаада эркин өскөн,
Ыргалат аз жел жүрсө эгин, чөптөр,
Ошондой, эң кызыктуу бул бир убак,
Аябай кең табият ырысын төккөн.

Күтүшүп чөп эгиндер орок, чапкы,
Жел соксо төмөн карап ийип башты.
Кээси бышып, кээсинин бүрү түшүп,
Жер бети өзгөрүлгөн түрдөн жазгы.

Чапкычылар сол тартып, чапкы кайрап,
Эмгекке көнүп калган белин байлап.
Бул кезде эмгекчи адам турар эмес,
Оокаты бет алдында турса жайнап...

Жалындап жалгыз гана күн асманда,
Көз салып жер бетине нур чачканда,
Колго алып орок, чапкы, айрыларын,
Иштешет бул шайыр эл күн батканча.

*1929*

## ОРОЗО ЭСКИ АДАТ

Динчилдер орозого камынды,
Кудай деп жок немеге табынды.
Эзилтпей эски чирик адатка
Комсомол куткарып ал табынды.

Орозо беш парыздын бири — деп,
Эң артып Мукамбеттин дини — деп.
Түшүнтүп мунун баарын бизге айткан,
Кудайдын куранда айткан тили — деп.

Кыскасы, ар жол менен алдаган,
Аларды сопулары жандаган.
Элди алдап, жок немени кудай деп,
Колуна курал кылып кармаган.

Эми катсын молдолордун тилеги,
Эскиликти арабыздан сүрөлү.
Бир жолу эми динчилдерден кол үзүп,
Социалдын чоң жолуна кирели!

*1929*

## МОЛДО ЗАЛЫМ

Кудай деп күнү-түнү зикир чалып,
Өндүрүп тыйын-тыпыр эптеп алып.
Тозок, бейиш, периште, кудай бар деп,
Калп айткан уялбастан бети чарык.

Кулкулдап элди алдаган молдо залим,
Аябай эмгекчинин соргон канын.

Билинип кыянатчы душмандыгы,
Куурулду заманасы эми анын.

Акмак кылып быйылкы орозону,
Тепкилеп өз үйрүнө биз кошолу,
Алдаган эмгекчини молдо болсо,
«Чалканга» айдап келип тонотолу!

Сыйынсын андан чоңго кудай эмес,
Алдатчу эми аларга кандай келес,
Жеп жүрүп эмгекчинин көзүн байлап,
Шиштери молдолордун толду жедеп.

Арамза кыянатчы молдо чочко,
Жагабыз кудайыңды, дииниңди отко
Дагы эле баягыдай алдаймын деп,
Келбегин, доомат кылып биздин топко!

*1929*

## ДЫЙКАНДАР

Дыйкандар эмгек кылар күнүң келди,
Жаз келип, көк-жашылдуу түрүн берди.
Күч жыйнап бириктешип эмгек кылып,
Эгинге толтургула кара жерди.

Көрдүңөр эмгектики мобу заман,
Эмгексиз бош жүргөндүн күнү каран.
Сыланып кете берчү кербездердин
Ичкен-жеген тамагы баары арам.

Дос эмес, анык душман эмгексиздер,
Эмгексиз кардын керип тамак ичкен.

Өткөндө бул өңдөнүп жашап келди,
Андайга эми орун жок биздин ичтен.

Күпүлдөп дыйкандарым кылдың эмгек,
Бирде үшүп, бирде жылып, бирде тердеп,
Эмгегиң кетип жүрдү кур талаага,
Култүйтүп өткөн күндө байды жемдеп.

Эмки эмгек эмгекчилер өзүң үчүн,
Жарым-жарты эместен баары бүтүн,
Ээмп жатып көп эмгекти ийген кези,
Саагыла кара жердин мыктап сүтүн.

Кара жердин кудайы — дыйкан силер,
Жайгыла жер бетине жашыл килем.
Берекелүү бул талаа сени сүйөт,
Жылмаңдап кубангандан күн да күлөт.

*1929*

## КУРМУШУ КАМЫНДЫ

Келүүгө жаз жаркырап калды жакын,
Эмгекке камынышып эл да бачым.
Камынып биз да эгин себели — деп,
Курмушу байлап жатат жалгыз атын.

Күзүндө эгинине соко алган,
Ар түрдүү жабдыктарын копо алган.
Кубанып эмгегине ээ болгондо,
Эки теше күздүктү айдап салган.

Жер казып, кылмак болду дагы эмгек,
Семиртип кошко салар атын жемдеп,

Ала албай эмгегинен жалгыз тыйын.
Өткөндө байлар үчүн жүргөн тердеп.

Курмушу ал убакта болду арам тер,
Көзүнөн чыдай албай агызып сел.
Ал кезде, заман тарып турган кезде,
Нечендер болбодубу байларга жем.

Өзүнө Курмушунун эмки тери,
Арылды көзүндөгү аккан сели.
Байланбай байга башы бошонгондо,
Айыкты көңүлдөгү кайгы чери.

Жакшы эмгек өткөн жылы кылган үчүн,
Аянбай кара жерге жумшап күчүн.
Алданбай бал тилине наадан байдын,
Курсак ток, быйыл көйнөк кийди бүтүн.

Соко бар, Курмушудан жана бир ат,
Уюшту үч-төрт кедей бир ынтымак.
Баарысы эмгек сүйгөн эмгекчилер,
Керейип кете бериш аларга жат.

Биринде мала болсо, биринде өгүз,
Жалпы эмгек кылмак болду терин төгүп,
Баш кошту, тилек бирге чор тамандар,
Башынан эмгектенип калган көнүп.

Жери бар, сокосу бар, даяр үрөн,
Жетпейт деп эчтемеден кылбайт күнөм.
Азыраак анча-мынча кем-кетигин,
Алышты уюшмалар камдап түгөл.

Кукем быйыл камынды мыктап кошко,
Өткөрбөй убактысын түк да бошко,

Өзүңдөй эзилгенди уюштуруп,
Башчы болуп өзү өңдүү бир топ топко.

*1929*

## ЖАЙ КҮНҮ

Жай күнү жашыл талаа берметтелген,
Зооктоп кыз-келиндер гүлүн терген.
Кулпунтуп дүнүйөнү жаркылдатып,
Алтын күн нурун чачып, шоола берген.

Килем түр жашыл-ала желде эркелеп,
Ыргалып өсүмдүгү шыбыр сүйлөп.
Секирип талдан-талга канаттуулар,
Булбул куш сайрап турат канат күүлөп.

Көңүлдүү жай күнүндөй болмок кайда,
Көк ыраң жер бетине болуп пайда.
Кыдырат, аңгемелейт эрмек кылып,
Кеп ташып жомокчу жел сайдан-сайга.

*1929*

## КАЙГЫРГАНБЫЗ АЛ КЕЗДЕ

Беш жыл болду дүйнөдөн,
Жалчы атасы өткөнгө...
Кан аралаш жаш төгүп,
Кайгырганбыз ал кезде.

Кабарын уккан душмандар,
Табалап турган бир четте,
Көсөмү өлдү булардын,
Кагабыз деп бир четке.

Сүйүнсө да канчалык,
Душмандын ою таш капты.
Адаштырбай табына,
Коммунисттер жол тапты.

Октябрдын кызыл туу,
Эмгекчинин колунда.
Топтолушуп бузулбай,
Социалдын жолунда.

Ардактады коммунист,
Атабыз сүйгөн жалчыны,
Ажыратпай кармады,
Жумушчу-дыйкан малчыны

Адашпай ата жолунан,
Социалга барчуну.
Айдадык ичке жолотпой,
Кесири тийчү каршыны.
Жер жүзүндө эмгекчи,
Чогулуп бирге жыйнап күч.
Күндөн-күнгө торолуп,
Чыңдалмакпыз дагы биз.

*1929*

## ЭМГЕК АЙЛЫ

Кырманда
Чыкканда тоодон ашып ай асманга,

Жаркырап жер бетине нур чачканда.
Зыпылдап төмөн карай багыт алып,
Окшоду коңур салкын жел макмалга.

Баарысы жаратылыш кең койнунда,
Баарынын ылайыктуу иш мойнунда;
Тыным жок, ошол кезде кырманчылар,
Жүрүшөт кырман куруп бир ойдунда.

Кубаттап, мемиреген айлуу түндү,
Эпилдеп күздүн коңур жели жүрдү.
Кубаттап, түн күзөткөн дыйкандарды,
Шыңкылдап өзөндөгү суулар күлдү.

Жылдыздар асмандагы жымыңдашты,
Эмгекчил дыйкандарга көз ымдашты.
Козголтуп эгин, чөптү ары-бери,
Тентек жел баары менен сыр сырдашты.

Кырман бар аштык жыйган анда-санда,
Келтирип кырманчылар аван салды;
Койнунда эмгекчилер дүлөй түндүн,
Көрүнөт турушкансып күтүп таңды.

Тетиги, маңдайдагы бир чоң кырман,
Четине саргыр-саргыр аштык жыйган.
Жүрүшөт анда дагы бир топ киши,
Эмгекчи, эмгек эри кызмат кылган.

Булар ким? Мүчөлөрү коллективдин,
Көрүшкөн натыйжасын курган иштин,
Жүрүшөт кызмат кылып баары бирдей
Жекелик мындан ары, дешип, бүтсүн.

Ыргытса асмандатып ак буудайы,
Бет алдырып жаркыратып турган айды.

Бололу биз да жардам — деген өңдүү,
Адамга ат салышат күрөк, айры.

Эки-үчөө энтелеңдеп жоруп алып,
Эриксе анда-санда аван салып.
Баарысы биригишип жаздай тердеп,
Иштешкен эмгегине көзү канып.

Кызылы дөбө болуп толгон дандын,
Кырманга көзү түшөт тупук айдын.
Жымыңдап жылдыздар да бир жагынан,
Кубаттап турган өңдүү эмгек айлын.

Тигине, басылбастан тургандары,
Арпа, сулуу, башка эгин жана таруу,
Мынчалык көргөндөрдү кубандырган,
Уюшкан коллективдин чарбалары.

Боло элек уюшканга бир жыл толук,
Баш кошкон бир топ кедей артель болуп.
Иштеген мунун баарын бириктешип,
Жаңыдан эмгек айлы журтка конуп.

### Кызыл кампа

Караандар элес-булас шаң көрүнүп,
Жылдыз тарап, атканда таң сөгүлүп,
Эриксизден күндүн күнкү боз кыроого,
Капталып жердин бети чылк көмүлүп.

Турду ордунан Курмушу, Мамытбектер,
Тышынан бирден-бирден, кийип чепкен;
Буудай тартып жык-жыйма эки араба,
Жөнөдү кампа жакка эгин төккөн.

Таң жели кошо жүрдү булар менен,
Дегендей: «Экөөңөргө кумар элем.
Силердей эмгекчиге ким кубанбайт,
Алган соң келечегин камдап кенен».

Дыйкандар жол үстүндө жүрдү көпкө,
Кордугун өткөндөгү келтирди эске,
Жетишти эгин төкчү кампасына,
Көтөрүлүп күн шашке болгон кезде.

Кези экен элдин кызык келип жаткан,
Төөлөргө, өгүздөргө эгин арткан.
Кирип келди Курмушу, Мамытбек да,
Толтуруп эки араба эгин тарткан.

Көтөрүп, топ-топ болуп, сүйрөп капты,
Келгендер кезек менен төгүп жатты.
Тартылып элден келген эгиндерге,
Келгин деп кызыл кампа койнун ачты.

Кабын жыйып, бир жакка турган четте,
Кезек келди Курмушу, Мамытбекке.
Кампага эгиндерин төгүп берип,
Кайрылып эки азамат чыкты четке.

Акчаларын алышып жанга салды,
Жана да төктү деген ордер алды.
Бар эле маңдай жакта кооператив
Алууга көйнөк-көнчөк анда барды.

Алышты андан барып көйнөк-көнчөк,
Жетер деп артелдеги мүчөгө өлчөп.
Илгери зардап-какшап жүрбөдүкпү.
Дешишип, арман жок го эми өлсөк.

— Эгин төгүп былтыр мен алдым соко,
Тырмоогун, жабдыктарын баарын кошо,—

Деди да ойлоп жүргөн сырын ачты,
Курмушу мына мындай оюн айтты:

— Алалы быйыл Маке бир трактор,
Тилекти өкмөтүбүз берди го чын.
Ар түрдүү шаймандарды түгөл камдап,
Оокатка сандалбастан бололу тың.

— Бул айтканың акыл го Куке сенин,
Бар эле так ушундай оюм менин.
Тогобүз алып келип, дагы бир кур,
Жетишет баарыбызга калган эгин.

Карыз берет тракторду үч-төрт жылга,
Төлөйбүз бөлүп-бөлүп, үч-төрт жылда.
Чарбаны өстүрөбүз ага чейин,
Жүрбөстөн сандырактап ойдо-кырда.

Албастан жеке гана тракторду,
Алалы машинанын барын мүлдү.
Чөп чапкан, аштык оргон, үрөн сепкен,
Жана да башкаларын түрдүү-түрдүү...

## Камынуу

Каршы алууга келүүчү эмгек күнүн,
Талаага чачмак болуп эмгек гүлүн.
Угулду социалдык улуу дүбүр.
Бардык күч эгин айдоо жагында деп,

Басылып түрдүү жобо газеттерде,
Аралап келип жатты калың элге,
Тим турбай муну көргөн эмгекчилер.
Иштөөгө камынышты кара жерге.

Арадан айдоо керек кулак, байды,
Аларга орун жок — деп эми жайлуу.
Тарап жатты урааны партиянын,
Бирок — деп, бириң калбай эмгек айлы.

Жайылды тамырлары бирикменин,
Жүргүздү кээ жерине тутап түрүн.
Өткөрүп болгон ишти көз алдынан,
Партия түзөп жатат бардык муунун.

### Жаңы кыштак

...Артылып баштагыдан сапат, саны,
Айланып социалдык түргө жаңы.
Орногон кең талаага жаңы кыштак,
Албырып жанып турат эмгек шамы.

Чоң короо ортосунда бар бир ак там,
Оозуна кеңсалар деп, жазуу жазган.
Бул тамга эл жыйналып келип жатты,
Аял, эркек кээси жөө, кээси атчан.

Артелдин башкармасы турат анда,
Жанакы кеңсалар деп койгон тамда.
Жыйналып бирдик менен иштегенден,
Иштери жаман эмес кеткен алга...

Адам жок тилин билген трактордун,
Баарысы, адамдары көчмөн элдин,
Курушуп жаңы гана маданият,
Жаңыдан билип жаткан сырын жердин.

Калаадан курс ачылып чачым кагаз,
Келиптир талаадагы элге тарап.
Ошондон бир орунду артель алган,
Окуууга бүгүн-эртең Шалпык барат.

Батрак, Шалпык деген жыйырма жашта,
Кой кайтарды келгенче жыйырма жашка.
Айла жок, жүрө берген зарлап-зарлап,
Суукка үшүп, кийимсиз, болуп ачка.

Артелге мүчө болуп бу да кирген,
Былтыр эле кой багып байда жүргөн.
Эз болуп адам өңдүү өз башына,
Арылган башындагы кара түндөн.

Ичинде быйылкы эле ушул кыштын,
Ачылган кең мектеби сабатсыздын.
Тырышып, кышты-кыштай мындан окуп,
Жоюлган кат сабаты бул Шалпыктын...

## Курс

Жетилип, кең заманда болду адам,
Батрак, куур тондуу, кара таман,
Алардын Компартия жолун сызып,
Куруууга ат салышты жаңы заман...

Бирдиктүү ар улуттан кошуп башты,
Өкмөт жаңы-жаңы курстар ачты.
Билүү үчүн трактордун маани-жайын,
Шалпыктар, батрактар окуп жатты.

Көрсөтүп окутуучу буроолорун,
Сурашып, окуучулар суроолорун.
Кантсе жүрөт, канткенде бура тартат?
Үйрөнүшөт эптелишкен куроолорун.

Ошентип, арасынан үч ай өттү,
Ичинде бул үч айдын көрдү көптү.
Машыгып трактордун жайын билип,
Шалпыгым элин көздөй жөнөп кетти.

## Кош айдоо

Жаз болду, күн жылыды гүлдөр жайнап,
Алыстан келген келгин куштар сайрап.
Көрүнбөй бул убакта бош жүргөн жан,
Жүрүшөт дыйкандар да кошун айдап.

Камданган, кош чыкпастан, мурун баарын,
Тукумун, иче турган кыштак данын.
Болбоско кош чыкканда дагы алагды,
Оңдоткон дыйканчылык жабдыктарын.

Ар артель өзүлөрүнүн жерин айдап,
Келтирип арыгын чаап, кулак байлап.
Каңтарып кара жердин өңүн ачып,
Талаада жаткан кези эмгек кайнап.

Кээ артель арасынан мелдеш ачып,
Арттырып планынан тукум чачып.
Аянтын айдай турган тез бүтүүгө,
Киришти арыш уруп ашып-шашып.

Тигинде айдап жатат Курмушулар,
Жетиштүү ар нерсеси күчтүү булар.
Аянбай келиркиде бул турмушка
Жетүүгө далай артель болду кумар.

Аянтта трактору атырылат,
Аңтарып кара жерди оодарып чым.
Эзелде бузулбаган, ат тарта алгыс,
Сөюлуп калып жатты нечен бир дың.

Алкынтып тракторду жүргөн Шалпык,
Туш-тушка аттан оңой бура тартып.
Зарылып нечен жылы күткөн досу,
Келген соң кең талаанын нуру балкып.

Бул артель оокатына эң тыкан-бек,
Деп айтып башка артелдер кылышат кеп.
Чыккан соң триерден[1] тазаланып,
Тукумун жууп алышат формалиндеп.

Бөлүштү ылайыктап эмгек күчүн,
Тим турбай ишке кирди баары бүтүн.
Көбөйүп баштагыдан дагы саны,
Кошулду жаңыдан да бир топ түтүн.

Артелге башын кошуп быйыл кирген,
Үлгү алды башка эмгекчи бул артелден,
Иштемекчи булар дагы айкын жолдо,
Сандалып баштагыдай жүрбөй бирден.

*1930*

## КЫШ КЕТТИ

Кыш кетип, жаз да келди жаркыраган,
Эч жан жок кыштагыдай калтыраган,
Нуруна күндүн берген бою балкып,
Жанданды өсүмдүктөр алсыраган.

Өзгөрдү баштагыдан жердин бети...
Төлдөшүп арбып келет бир кой эки.
Баш кошуп, күчүн жыйнап, артелдешип,
Дыйкандар оокатына кирген кези.

Жабылып кара жерди айдап жатты,
Салышып соколорго өгүз, атты,
Бай, манап, эшен, молдо, кулактардын,
Дыйкандар бирикkенде куту качты.

---

[1] Эгин тазалоочу машина.

Ачылды кең талаада жайнап эмгек,
Талааны жаттар эмес ээси жердеп.
Козгошуп өткөн, кеткен аңгемени,
Кошчулар бир-бирине болуп эрмек.

Артелдин соколору чогуу кирип,
Казыдай кара жерди карыш тилип
Талаанын эмгек менен өңүн ачты,
Кадырын бирикменин жакшы билип.

Киргенде эмгекчилер баары кошко,
Жүрбөдү эч кимиси карап бошко.
Соколор баштагыдай бирден эмес,
Түшүштү беш-алтыдан бир борозго...

Эл кирди тыным албай кошко кызык,
Эчен жылы бош жаткан дыңды бузуп.
Ар кимин алдында максаты бар,
Алышкан иштерине план сызып.

*1930*

## ЫСЫК-КӨЛ

Созулган күңгөй-тескей кең Ала-Тоо.
Кар кетпес нечен-нечен аркайган зоо.
Бетинен ал тоолордун орун алган,
Суу аккан, суу акпаган көп терең коо.

Аралап арасынан өзөн аккан,
Ар кимге ылайыктуу жемиш чачкан.
Кыр ашсаң ар жагында дагы кыр бар,
Түгөнбөй жата берген болуп катмар.

Туз-Өтөк жайлоосу бар, жайкалган төр,
Абасы жаңга жайлуу, көрбөйсүң чөл.

Созулган эки тоонун арасында
Мелтиреп чалкып жаткан кең Ысык-Көл.

Кошулат туш-тушунан суулар келип,
Кар баскан тоо башында мөңгү да эрип.
Кээ бири жерден чыккан кара суулар,
Антсе да ашып-ташып кетпейт кеңип...

Үстүндө кыйкырышып өрдөк, каздар,
Сайрандап ар убакыт канат каккан.
Кезинде толкун болсо алдас уруп,
Кезинде тармалданып тып-тынч жаткан.

Түбүндө өз эркинче ойноп балык,
Кармашып айла менен аны калык.
Ал эми машыккандар адис болуп,
Тор жаят, кайык менен сүзүп барып.

Курчаган калың кыргыз айланаңды,
Эркинче эмгекчи эгин айдаганбы?
Тар заман, өтүп кеткен заардуу күндө,
Көл сенден качан кедей пайдаланды?

Ал кезде бай, манаптар доорон сүргөн,
Кедейди эмне кылса өзү билген.
Тарттырган келиштирип жазаларын,
Эгерде ал байкуштар чыкса тилден.

Илгери көлүм сенде кеме болгон,
Айдаган кара таман кесик колдор.
Азабын күйүп-бышып силер тартып,
Пайданды жалгыз гана Батык соргон.

Өлөгөн сени жалгыз Батык ажы,
Койгун деп, жан болбогон карап аны.
Өлөбө көлдү жалгыз демек тургай,
Кошомат кылбадыбы байдын баары.

Келтирип зоот салдырган Жаргылчакка,[1]
Иштеген көп жумушчу болгон ачка.
Короосу, үйү болгон түрдүү сонун,
Шаарында Караколдун башка-башка.

Ал зооту даяр кылып тактай тилген,
Жөнөткөн кеме менен нечең миңден.
Тынч жатып, күчү менен малайлардын,
Батыкка эсепсиз көп пайда кирген.

Тоосунан Жаргылчактын тактай тартып,
Көбөйүп күндөн-күнгө байлыгы артып.
Болбогон эмгекчиге көлдөн пайда,
Турганда Батык өңдүү байлар антип.

Жана да ар болушка дүкөн ачып,
Аларга Караколдон була ташып.
Бай, манап, соодагерлер шерик болуп,
Үч эсе пайдаларын коюп сатып.

Ал кезде Ысык-Көлдү баскан кайгы,
Чочкодой семиз кылып багып байды.
Табылган Ысык-Көлдүн пайдасынан,
Көрбөгөн жалгыз тыйын эмгек айлы.

Карачы кең Ысык-Көл эми кандай?
Жердеген көп эмгекчи эли кандай?
Кубанган, күлүңдөгөн кабагы ачык,
Кубултуп өзгөрүштүн туусун кармай.

Жаркырайт кубангандан көлдүн бети,
Кубанчы күндөн-күнгө арткан кези.
Күлүңдөп, нурдандырып дүнүйөнү,
Жайнаган эмгек болду ар бир чеги.

---

[1] Жердин аты.

Ээлеген Батык эмес, жалпы эмгекчи,
Кылышкан шайдоот жүрүп жалпы эмгекти.
Заманың өтүп кетти Батык ажым,
Жетишет, Ысык-Көлдөн кеткин дешти.

Ошентип, Ысык-Көлдү колуна алды,
Жаша! Деп жалпы эмгекчи ураан салды,
Илгертен айла кылып залимдердин,
Жалчыга куруп койгон торун жарды.

Күрүлдөп көлдө жүргөн пароходдор,
Орноду Ысык-Көлгө мурун жоктор.
Бийлебей илгеркидей жалгыз наадан,
Ээледи мунун баарын, жалчы достор.

Айлана көл боюна көзүн салып,
Болжолдуу күндөрүндө анда барып.
Пароход башын бурат, кайта жолго,
Жүк берип, тиешелүү жүгүн алып.

Былк этпей пайда көрүп үйдө жатып,
Бийлесе өткөн күндө көлдү Батык,
Ээлеген күнгөй-тескей талааларын,
Бай-манап, «баатыр» эшен молдо сасык.

Ээледи эл жерлерди эмгекчилер,
Жетишти кайгысы жок жерге кенен.
Көрө албас, мындай ишти биздин душман,
Кайгыга белчесинен батты терең.

Жаркырап талаа күлдү, жайнады эмгек,
Эмгекчи эмгегинен толук жем жеп.
Зарлаткан шордууларды заардуу заман,
Жол тартты сапарына барса келбес.

Эгилди талааларга артель даны,
Жайылды жайлоосуна артель малы.

Жолго өтүп капиталдан социалдык,[1]
Артылды күндөн-күнгө сапат саны.

Эмгекчи эгиндерин экпедиби,
Тазалап тукумдарын сеппедиби,
Батырган өткөн күндө тырмактарын,
Курсакка залимдерди теппедиби.

Айдалды Ысык-Көлдөн нечен манап,
Аябай эмгекчини жеген кандап.
Өткөндө сен жыйгансың буларды — деп,
Мал-мүлкүн кедейлерге берди арнап.

Жана да туш-туш жакта кооператив,
Баратат жай сооданын куту кетип.
Орун жок душмандарга мындан ары,
Жарды-жалчы, ортого[2] ачык эшик.

Дарттарга дарман берчү Койсары бар,
Айыгышат далай адам Койсарыдан.
Илгерки Никелейдин заманында,
Билбеген Койсарыны эч бир адам.

Базары Койсарынын эми ачылды,
Жаркырап күлүп турат көл азыркы.
Айланта Ысык-Көлдү эмгек бийлеп,
Кубулуп социалдык нур чачылды!

*1930*

---

[1] Капиталисттик түзүлүштөн, социалисттик түзүлүшкө өттү деген мааниде.

[2] Орто дыйкан деген мааниде.

## КОЛХОЗЧУЛАРГА

Эмгекчил, эмгек ээси колхозчу,
Бирдешип гүлдөткүлө колхозду.
Илгерилеп социалга бара бер.
Ким экен,
Ишиңерге жолтоо болчу?!

Чарбаңар күндөн-күнгө артылсын,
Артылганда эскини артка калтырсын.
Кызыктырып натыйжалуу ишиңер,
Орто чарба араңарга тартылсын!

*1930*

## ЭЛИМЕ КАТ

Эмгекчи эмгек сүйгөн элиме кат,
Талаасы кеңештердин жериме кат.
Турмушту ушул күнкү биздин турган,
Көрө албас жалгыз гана душмандар жат.

Так быйыл он үч жашта биздин кеңеш,
Жыл сайын андан бери өсүп келет.
Өсүштү биздин мындай каалабаган,
Кандай ит, кандай сокур, кандай келес?!

Биз кирдик социалдык улуу жолго,
Жайнатып кызыл тууну алып колго.
Корккондор бул сапардан башын тартып,
Жалтактап кыйшайышты оңго-солго.

Аларга жол бербедик бастык, жеңдик,
Колуна кезегинде жообун бердик.

Калтырып арка жакка үч-төрт доорду.
Бешинчи, кайта куруу доорго келдик.

Эпкиндүү милдетибиз ушул күндө,
Айлантуу эл чарбасын жаңы түргө,
Ар кимдин чарбалары мындан мурун
Бет алды өсүп келген жеке түрдө.

Куралы чарбабыздын социалдык
Ар түрдүү машинабыз келет арбып.
Днепр, Дон сыяктуу орундарга,
Жаңыдан нечен-нечен зоотторр салдык.

Ал зооттор жасап жатат машинелер,
Даярдап кем-кетиксиз кылып белен.
Кембагал, жарды-жалчы, орто-дыйкан,
Алардын эмгегинен жемиш жеген.

Орношуп жаңы айылдар талааларга,
Жайды тамыр бирикме, кеңеш чарба.
Башына кара күн туул кулактардын,
Зар какшап чыдай албайт ыйлады ана.

Кадырын билип алып бирикменин,
Көрдүк биз эмгекчилер бирикленин.
Арттыруу дагы керек сан-сапатын,
Кадырдуу эмгек сүйгөн эмгекчи элим.

Эмгекчи эл жалпы киргин түрүп билек,
Орносун социалдык улуу тилек.
Алдыңкы жаңы заман эске түшсө,
Алкынып аттан бетер туйлайт жүрөк.

Кайраттанып кажыбай байлап белди,
Толтургула эгинге кара жерди.
Карарган көк булуттуу көп тоолордон,
Жана да түрдүү-түрдүү таптык кенди.

Иштөгөн мунун баарын жарды-жалчы,
Бет алып социалды көздөй барчу.
Дегендер: мен эмгекчи, мен пролетар,
Тартынбай ушул жолго киргин жалпы.

Эмгекчи жарды менен жалчы тууган,
Бараткан социалдык биздин ураан.
Жеткирчү, ал ураанга бир төтө жол,
Беш жылдык Компартия сызган план.

Толтуруу ал планды милдет биздин,
Жолтоону кыла алышпайт бизге эч ким.
Деп ойлойт адаштырсак төтө жолдон,—
Арам ой, арам кыял, куулар эпчил.

Бирок да ал ойлору ашпайт ишке,
План бар Компартия сызган бизде.
Арада арам ойлуу андайларды,
Алдайбыз оолак жүр деп коюп тишке.

Талаасы кеңештердин нурга толду,
Нурданып эмгекчилер айлы конду.
Кубанды колдоруна эрк алганга,
Эзилген кара таман нечен шордуу...

Жаркырап социалдын шамы жанды,
Душмандар муну көргөн эстен танды,
Жетебиз социалга баш кошуп деп,
Кыйкырып пролетарлар ураан салды.

Ыр ырдап социалдык жел да жүрдү,
Шаңданып чөп-чар менен жер да күлдү.
Куттуктап бул сыяктуу курулушту,
Куштар да күүгө салды нечен түрдүү.

Шаңданмак мындан ары дагы артып,
Социал, коммунизм жыты аңкып.

Дүйнөдө тилеги бир жалчы, эмгекчи,
Баруудa ошол жакка сапар тартып.

Барабыз, баратабыз бурулбастан,
Эмгекчи өзгөрүштүн даамын таткан.
Көзүнөн канын төгүп бизди көрүп,
Отурат чыдай албай айбан жаттар.

Үшкүрсүн, улутунсун, ыйласын жат,
Зарланып, кара жанын кыйнасын жат.
Ансайын кубанабыз эмгекчи деп,
Эмгекчи эмгек сүйгөн элиме кат.

*1930*

## ЧӨПЧҮЛӨР

Таң белгиси көрүнүп,
Таң агарып сөгүлүп.
Асмандагы көп жылдыз,
Туш-тушка тарап бөлүнүп,
Өсүмдүктөр ыргалды,
Жер бети нурга көмүлүп.

Жел жүрдү салкын сыдырым,
Күчөтүп чөптүн шыбырын.
Кызматка кирер кез жакын,
Эмгекчи коюп тынымын.

Көгөрүп чөптөр жайкалды,
Көрүнүп көзгө байкалды.
Түн конокту кеткин — деп,
Күн жайына кайтарды.
Чапкычылар бет алды,
Жалтыраган ак тамды.

Шилтешти чапкы керилип,
Чын эмгекке берилип.
Кыйкырышып киргенде,
Терлери мончок төгүлүп.

Калып жатат жер түтпөй,
Калар эмес иш бүтпөй,
Чөмөлөп жүрөт бир жактан,
Үймөктөр чөпту көп күтпөй.

Булар артель адамы,
Жакшы жакта талабы,
Биригишкен баш кошуп,
Социалда кадамы.

Биригишкен баш кошкон,
Жүздөн ашык жалчы тап.
Жаңы айылдын эрлери,
Дагы күүлө, жай канат!

*1930*

## ПАХТА ТАЛААСЫ

Кең талаа уч-кыйры жок кенен жаткан,
Шылдырап арасынан суулар аккан.
Көркү көр, көргөн жанга бир тамаша,
Ал алтын нурдандырып бетин жапкан.

Айдалган иреттелип такта-такта,
Жер бетин ыксыраткан алтын пахта.
Багыты ушулардын бара турган,
Аталар[1] айтып кеткен улуу[2] жакта.

---

[1] Аталар — Ленин, Маркс.
[2] Улуу жак — социализм.

Турган соң тиешелүү жемиш берип,
Кең талаа баатырсынып төшүн керип,
Жер бетин кайыштырган ак алтынды,
Жүрүшөт эмгек ээси дыйкан терип.

Тургандыр фабриктер досун күтүп,
Досу да жөнөмөкчү ыкчам бүтүп,
Эки дос, эки жакта, эки жерде,
Турушсун сагынышпай кантип күтүп.

Бүтүрүп жыйып-терип токтоосуз эч,
Эрикпей дагы иштеп эртели-кеч,
Дыйкандар, эмгек ээси пахтаңарды,
Жибергин фабрикке жөнөтүп тез.

Эки дос бирин-бири кучакташсын,
Пайдасын эмгек ээси элге чачсын.
Кеңешип, элдин камын караштырып,
Толтурсун кем-кемтигин биздин таптын.

## МОЛДОЛОРГО

*(Курман айтка багыштап)*

Молдом, молдом, молдомсуң
Сен, молдом кандай онгонсуң.
Өңү-башың кубарат,
Бул эмне болгонсуң?

Айрылдыңбы жолуңан,
Же тайдыңбы оңунан.
Эшеесиң жарыктык,
Теспе түшпөй колуңан.

Эл түрттүбү диниңди,
Байлатма бакшы жиниңди,

Баркыңдан таза кетипсиң.
Керек кылбай пиринди.

Эл билиптир сырыңды,
Түшүнүп терс ырыңды,
Эми жок сага жүн, тери
Салбагын молдом кырыңды.

Жакшы эле журтту ээледиң,
Кимге эмне дебедиң.
Чыкты го молдом оозуңдан,
Куркулдап көптү жегениң.

Сокойдуң, молдом, сокойдуң,
Бизге далай от койдуң.
Алың кетип акыры,
Чөк түшүп келип чокчойдуң.

*1930*

## КЕТ, ОРОЗО

Менде күч бар сенден өчтү аламын,
Денемде өрт, жүрөгүм от жанамын.
Колу, бутуң — баарын чагып, молтойтуп,
Көз көрүнөө жер үңкүргө саламын.

Сен балээсиң эмгекчиге жармашкан,
Сени ээрчип алар жолдон адашкан,
Мына биздин орозобуз келди деп,
Молдолоруң жатып жемиш табышкан.

Сени жандап бай курсагы ток болду,
Кедейлердин ичи күйүп чок болду.

Кара мүртөс уялбаган кесепет,
Сенде такыр адилеттик жок болду.

Ой, орозо, эми кеткин жөнүңө,
Бери карап кулак салгын сөзүмө.
Мындан ары ууң чачып жайылтсаң,
Дароо кармап кум куямын көзүңө.

Биздин кеңеш социалдык тобунда
Бардыр бул кеп небак сенин оюңда.
Түбөлүктүү кызыл желек көтөрүп,
Эзилген эл марксизм жолунда!

*1930*

## КЕНЕН ӨЛКӨ

Созулган уч-кыйры жок кенен өлкө,
Мааниси социалчыл терең өлкө.
Чоло жок, бардык жери мүлдө пахта,
Кубанат бул эмгекти адам көрсө.

Бул өлкө колхоздуку, жаттыкы эмес,
Жазында мелтирете эккен кебез.
Ачылып аппак-аппак алтын пахта,
Көрүнөт социалдык нурдуу элес.

Пунктка тоодой болуп толду пахта,
Кесиби пахтачылар биздин жакта.
Талаадан дагы үзүлбөй келип жатат,
Арабалар ташылып нечен капта.

Талыкпай колхозчулар күндө терип,
Күнүнкүсүн токтотпой күндө берип.

Колхоз берген талаадан ал пахталар,
Тазаланат эл үчүн зоотко келип.

*1933*

## КОЛХОЗ КЫРМАНЫ

Уюшуп жалпы эмгекчи,
Уюштурган эмгекти,
Айдап чыккан арадан,
Эмгекке көңүл бербести.

Бирдей сапат санынан,
Чыңалган чарба жагынан.
Эмгекчинин баарысы,
Жаш жеткинчек, карылар.

Ага менен жеңелер,
Аларды тууган энелер,
Ар убакыт иштешип,
Эмгексиз тамак жебеген.

Киришкен чындап кызматка,
Бирин-бири деп жатпа,
Жаздан тартып жайлата,
Баары жүргөн кызматта.

Бригада болуп бөлүнүп,
Бирдешип иштеп көнүгүп.
Билек түрүп киргенде,
Жонунан тери төгүлүп.

Эгин эккен жаздата,
Отоп баккан башкача.
Колхозчулар алаар кез,
Жер эмгекти актаса.

Орок оруп келиндер,
Жыйылып жатат эгиндер.
Арабалап ташылып,
Басылып жатат теминдер.

Бул колхоздун кырманы,
Иштөөдө, эч ким тынбады,
Эмгекчилер эмгекте,
Келгенде кызмат кырдалы.

Оруп эгин жыйнаган,
Жарышта чыккан кыйладан.
Тетигине көрдүңбү,
Эпкиндүү жеңем Зыйнажан.

Келтирип чапкан кең кырман,
Иштебей качат ким мындан.
Ар кайсысы, ар иште,
Көрүнбөйт адам тим турган.

Кырмандын бети жык болуп,
Кызылына жык толуп.
Өксүбөсүн деп кырман,
Күндүзү тургай түндө оруп.

Кырманда тоодой кызылы,
Көргөндүн бою ысыды.
Көрүндү көзгө мынакей,
Жайкы эмгектин кызыгы.

*1933*

## КӨРДҮҢБҮ

Көрдүңбү,
Вагон толгон пахтаны,

Тетиги, талаа жактан келаткан,
Нечен тикме каптарды.
Көрдүңбү,
Кампа толгон эгинди,
Көрдүңбү,
Нурдуу талаа жеримди.
Тетиги, терип жүргөн пахтаны,
Көп колхозчу элимди.
Көрдүңбү,
Колхоздордун эмгегин,
Көрдүңбү,
Колхоздордун жеңгенин.
Көрдүңбү,
Пахта жыйган кырманды,
Көрдүңбү,
Кызык эмгек кырдаалды
Көрдүңбү,
Колхоз иши өнүмдүү.
Көрдүңбү,
Нурданып талаа көрүндү.
Тетиги, көп ишине көз салган
Саясы биздин бөлүмдү.
Көрдүңбү,
Казылып жаткан кендерди,
Көрдүңбү,
Андагы баатыр элдерди.
Тетиги, жаңыдан эгин айдаган
Мурдагы какыр чөлдөрдү.
Көрдүңбү,
Кызыл-Кыя баары алтын,
Берип жатат кара алтын,
Тетиги, кең Сүлүктү, Көк-Жаңгак,
Катарында дагы алтын.
Көрдүңбү,
Маданият орноду,
Көрдүңбү,

Бар өсүштү колдогу.
Тетиги, кабар алган ааламдан,
Радио олжомду.
Көрдүңбү,
Зым тармагы жайылды,
Көрдүңбү,
Эмгек туусу сайылды,
Телефондор көбөйүп,
Аралап кетти айылды.
Көрдүңбү,
Иликтирди, шамдарды,
Көрдүңбү,
Кыштактарга жанганды.
Тетиги, кылыч, мылтык кармаган,
Кызыл кыраан балдарды.
Ысык-Көлдү карачы,
Жетишкенин саначы,
Тетиги, совхоз-колхоз орногон.
Күңгөй-Тескей талаасы.
Көрдүңбү,
Жаңы жолдо биздин эл,
Көрдүңбү,
Нурдуу талаа биздин жер,
Тетиги күүлдөгөн көлдөгү,
«Прогресс», «Пионер».[1]
Көрдүңбү,
Пристандан жүк алат,
Көрдүңбү,
Жумушчулар жүк салат.
Тетиги, Ала-Тоодой эгиндер,
Балыкчыга бир барат.
Көрдүңбү,
Кыргызстан жаңырды,
Көрдүңбү,

---

[1] Пароходдун аттары.

Нечен гигант салынды.
Тетиги, аскар-аскар тоолордон,
Нечен кендер табылды.
Көрдүңбү,
Колхоз-совхоз өскөнүн,
Көрдүңбү,
Нечен доордон өткөнүн.
Эскиликтер жеңилип,
Элибиз,
Жаңы доорго көчкөнүн.
Көрүп ал,
Көп өсүштү биздеги,
Көрүп ал,
Кубанычты иштеги.

*1935*

## МАРКС — ЛЕНИН ЖОЛУ БАР

Гүлдөгөн биздин өлкөнүн,
Кужүрмөн баатыр эли бар.
Түбөлүккө орноткон
Бузулбас кызыл чеби бар.
Эл ырысы үчүн жаралган,
Компартия шери бар.

Колхоз-совхоз өстүргөн,
Түмөн-түмөн малы бар
Чачса да түтөр жүз жылга,
Сар кырлап үйгөн даны бар.
Адашпайбыз эч качан,
Ильичтин жаккан шамы бар.

Ар бир жагы жетиштүү,
Асыл сонун кендер бар.

Атагы чыккан дүйнөгө,
Ардактуу маршал эрлер бар.
Жырткыч Гитлер — ач жору,
Биздин күчтү көрүп ал!

Курал болгон күрөштө,
Маркс, Ленин жолу бар.
Мыкаачы, митаам фашисттен
Күчүбүз бар өч алар.
Кантип бизди жеңе алат,
Гитлерчилер, канкор жорулар!

*1941*

## АНТ УШУЛ

Асман тунук күн ачык,
Ай күлүңдөп нур чачып,
Табият пейли кеңиген,
Ар түрдүү сонун гүл ачып.
Узата тиккен кара бак,
Уюлгуган калың шак,
Арасында сырдашып,
Келе жаттык эки жаш.
Колтукташып, кыналып,
Ичтеги сырды чыгарып,
Колтугунда жигиттин,
Кой көз сулуу кыналып.
Аркада чачы өрүлгөн,
Атайы эки бөлүнүп
Таалайлуу кыздын сымбаты,
Так эле, Айчүрөктөй көрүнүп,
Көрүнүшү ар кандай,
Көркү электр жангандай.
Сүйлөгөн сөзү жагымдуу,

Артисттер обон салгандай.
Айнектей ачык кабагы,
Алдында тоодой талабы,
Айтуучу сөзүн козгоду,
Акылдуу кой көз жанагы.
— Сапарга барчу эл үчүн,
Салтанаттуу жер үчүн,
Душмандын туусун кыйратып,
Жазасын колго берүү үчүн.
Таалайы артык жигиттин
Талабы ушул жигиттик,
Талкалап жоону жеңүүгө,
Тартынбай жаным киришкин.
Ушул турган кара бак,
Жакшы эле жүрдүк аралап,
Азыр антер чак эмес,
Фашисттер турса сагалап
Сен жоо жеңип келгенде,
Селкиңди аман көргөндө,
Дагы аралап басарбыз,
Кубанып көңүл ачарбыз.
Басмак тургай ошондо,
Кызык тойду жасарбыз.

Деди да селки кыналды,
Чын сырын ичтен чыгарды,
Селкинин айткан сөзүнө,
Толкундап жигит кубанды.
Кубат берген өзүнө,
Кубанды кыздын сөзүнө.
Кучактады, бек кысты,
Кумаркөзүн төшүнө.
Кыз мойнунда билеги,
Кызуулап согот жүрөгү.
Байланышкан бир жерге,
Кыз жигиттин тилеги.

— Акыл айткан өзүңдөн,
Айнектей болгон көзүңдөн.
Мен садага болоюн,
Ай чырайлуу жүзүңдөн,
Эр жигит элдин белеги,
Эл жигиттин тиреги.
«Элден туулган эр жигит
Эл четинде дегени» —
Текке айтылган кеп эмес
Мааниси анын ченелбес.
Эл ишинен баш тартчу
Эсер жигит мен эмес.

Кайратыңдан жаңылба,
Капаланып зарылба.
Тылга жакшы сак болуп,
Сен да бол элдин камында.
Узакка кетти дебегин,
Убайым менден жебегин,
Урматтуум, селким мындайда,
Элиме тийсин керегим.
Эр жигит курал албаса,
Эгешкен жоого барбаса,
Кырчылдашкан майданда,
Жоо жеңип кумар канбаса,
Сандан чыгып калганы,
Арылбайт жигит арманы.
Бугуп жатса үйүндө,
Тирүүлүк курсун андагы.
Мен фронтко барганда,
Колго курал алганда,
Баатыр маршал агалар,
Команда берип салганда,
Алманбет чалгын чалгандай,
Кошулуп Сыргак баргандай,
Арстан Манас, эр Чубак,

Бээжинди бузуп алгандай,
Белсенип чалгын чалбасам,
Берлинге чейин барбасам,
Келген жоону талкалап,
Башына дүмөк салбасам,—
Жигит болбой өлөйүн,
Днестрге чөгөйүн.
Баатырдык кылбай майданда,
Жүзүңдү кантип көрөйүн!
Алдыга койгон шарт ушул,
Актай турган ант ушул.
Айчылык алыс жол кетсем,
Алтыным селки аман жүр.
Деп айтып жигит басылды,
Шердигин чындап ашырды,
Шер жигиттин мойнуна,
Эркелеп сулуу асылды.
Таң агарып сөгүлдү,
Таң белгиси көрүндү.
Таңга аралаш коштошуп,
Таалайлуу жаштар бөлүндү.
Адамдын чыкты кумары,
Атыр жыт гүлдөп бурады,
Эр жүрөктүү жаштарды,
Эрке жел беттен сылады.

*1942*

## МАЙДАНДАН

*(Жигит каты)*

Ала-Тоо, Алай жер кандай?
Андагы кыргыз эл кандай?
Жакшыбы эгин түшүмү,

Жазгы жайкы төл кандай?
Өзүңдүн айтчы алыңды,
Ардагым койкөз ак мандай.

Фрунзенин кара бак,
Бурулуп өскөн калың шак,
Айлуу түндө сырдашып,
Арасында жүргөн чак,
Мен майданга жөнөр түн,
Алдыга коюп тоодой шарт.
Аткаралык муну деп,
Абдан кылгам бекем ант.

Баары турат эсимде,
Бар бекен сенин эсиңде.
Эмнелер кылдың эл үчүн
Улуу согуш кезинде?
Турасың эмгек кайнаган
Терең тылдын өзүндө.

Мен ал антты аткардым,
Бел чечип, бейкут жатпадым.
Курбулар менен өзүмдөй,
Өлкөмдү жоодон сактадым,
Советтик элдин эрки үчүн,
Өлүмдөн башты тартпадым.

Ушул бүгүн бешимде,
Токойдун арткы четинде,
Чалгында жүрүп, душмандын
Так чегинин өзүндө,
Чалгынчы баатыр жигиттер,
Кайтып кетер кезинде.
Душмандар менен кагыштык,
Жалтанбай абдан салыштык,
Айбаттуу туруп, шаң менен,

Кабыландай алыштык.
Он бирин алып туткунга
Кандарын суудай агыздык.

Кетирип шайын, дарманын,
Чегинттик тирүү калганын,
Далай иш өттү башымдан,
Дегеле чарчап талбадым.

Орундап тоодой талабың,
Жоомду жеңип барамын!
Жалжалым селки катка жаз,
Ал-жайың, элдин кабарын.

*1943*

## АЛА-ТООГО КАТ

Турагым менин Ала-Тоо
Жерим аман барсыңбы?
Алдейлеп мени өстүргөн
Элим аман барсыңбы?
Ырыстын аккан булагы
Көлүм аман барсыңбы?
Мен фронтто жүрөмүн,
Актап, берген антымды.

Ушул кезде Ала-Тоо
Албырып өңүн ачкандыр.
Жайлоосунда дүңгүрөп
Колхоздун малы жаткандыр.
Талааларын толтуруп
Колхозчу эгин чачкандыр.
Карыялар кайраттуу

Белсенип ишке киргендир,
Кыз-келиндер тылдагы
Техника жайын билгендир.
Ар кимиси бир-бирден
Тракторду мингендир.
Фронттогу жарларын
Сагынышып жүргөндүр.

Санаркабай биз үчүн,
Жабыла ишке киргиле,
Сагыныч бир күн жазылат,
Жабыкпай куунап жүргүлө.
Бул фронттон жазылган,
Кең Ала-Тоо жерге кат.
Алдейлеп эрди өстүргөн
Ала-Тоолук элге кат,
Эл алдында баш ийип
Дагы кайта берген ант,
Эл үчүн жоого аттануу
Эзелден бери келген салт.
Жоо бетинде, биз мында
Турабыз аман саламат.

Аябадык кан-жанды,
Элдин таалай багы үчүн,
Эркелеткен балабыз,
Сүйүп алган жар үчүн,
Өч алабыз душмандан,
Жазыксыз аккан кан үчүн!
Жоону жеңип актайбыз
Эненин берген ак сүтүн!

Биз киргенбиз бул кезде
Талкалап жоону согушка,
Уулдарың артта калбадык,
Кырчылдашкан согушта.

Даяр турдук ар качан,
Эл үчүн курман болушка,
Ала-Тоолук уулдар! — деп,
Арзыдык атка конушка.
Компартия буйругун
Жүрөккө бекем сактадык,
Кан толкуган майданда
Калтырап түк да шашпадык.
Фашисттик жоону кыйратып
Батышка жүрүш баштадык.
Советтик жерди бошотуп,
Биз күчтүүбүз майданда
Алдыга кадам таштадык.
Советтик баатыр эл менен
Биз согобуз душманды,
Элден келген дем менен!
Жакындап келет душмандын,
Болушу жексен жер менен.
Көрүшөрбүз шаттанып,
Тууган эл, тууган жер менен.
Согушуп жаткан эрлерге,
Аккуладай ат керек,
Кырмандарга сыйбаган
Кызылы тоодой дан керек.
Кырса да чети оюлбас
Кылымга жетчү мал керек.
Ала-Тоонун байлыгы
Түрдүү сонун кен керек,
Анын баарын даярдап
Силердей баатыр эл берет.
Ошондуктан, тууган эл,
Чыккыла, кана, жарышка.
Кол кармашып биз менен,
Душмандын тишин чагышка.
Өлкөнү чирик иттерден,
Таптаза кылып алышка.

Душмандар кыйрар күн жакын,
Кайратың чыңа, талыкпа!

*1943*

## ЧАЛГЫНЧЫЛАР

*(«Улуу сапар» деген поэмадан үзүндү)*

Асынганда далыга
Автомат мылтык жарашты,
Айсыз түндө беш кыраан,
Чалгынга кетип баратты.
Элестетет түрлөрү
Алманбет, Чубак, Манасты,

Командири эр Алым,
Ала-Тоолук кыргыздан,
Тоодой милдет жүктөгөн,
Андагы калган кыргыздар,
Буларга салам айткансыйт,
Асмандагы жылдыздар.

Аралап калың токойду
Душмандан кабар алышка,
Октон, оттон жалтанбай
Арасына барышка,
Душмандын күчүн аныктап
Кайрылып жолго салышка,

Кайраттанып беш баатыр
Калың токой чер менен,
Көрүнбөй турган душманга

Агылма буйтка жер менен,
Алдыга карай жөнөштү.

Түнкү салкын жел менен.
Жакындашты душмандын
Кара туман чегине,
Карагай, арча кыйдырын
Кармап алган чебине.
Олтуруп бир аз кеңешти,
Калышка керек эмине.

— Бириңе миңи келсе да,
Жалтанып кайра качпагын,
Мылтык кармап тапшырган
Согуштук антты актагын.
Чегинген болсо жанында,
Ордунда атып таштагын.

Алдыдан душман каптаса,
Автомат отун ачкыла.
Айбаттуу туруп арстандай,
Агызып канын чачкыла.
Белди байлап эл үчүн,
Эрлерче амал тапкыла.
Өлбөй тирүү калганың
Маалымат менен кайткыла.

Деди да Алым баарына
Согуштук милдет тапшырды.
Согуштук антты эске алып,
Көңүлгө баары жат кылды.
Жолдоштору Алымдын
Жалындуу сөзүн жактырды.
Макулдашып беш баатыр
Убаданы бекитти.
Орундоого милдетти

Илгери жөнөп кетишти.
Советтик эркин эл үчүн,
Кара жандан кечишти.

Алды жактан алоолоп
Ажалдын оту көрүндү.
Пулемёттун октору
Жамгырдай болуп төгүлдү.
Алга жүр деп команда
Ан сайын күчтөп берилди.

— Кан толкуган майданда
Кандай да болсо көрөм деп,
Кагылайын тууган эл
Силер үчүн өлөм деп,
Каршылышкан душмандын
Канын суудай төгөм деп,

Эр Алымдын элине
Берип келген анты бар.
Кандай күндө турса да,
Адашпайт ыйык антынан!

*1943*

## ЖАЛЖАЛЫМ

Гүлдөгөн өлкө жер үчүн,
Күжүрмөн шаңдуу эл үчүн,
Элим сүйгөн, ишенген
Компартия сен үчүн,

Өмүрүмдү арнадым,
Өрт болсо коркуп калбадым.

Өнөктөш болгун биз менен
Өмүрлүк койкөз жалжалым.

Эл үчүн каным төгүлсө,
Эмгегим элге көрүнсө,
Эл үчүн өлгөн эрлерге,
Аралаш денем көмүлсө,

Тыйынча болбойт арманым,
Тылда сен артта калбагын.
Тылды чыңа белсенип,
Тылдагы койкөз жалжалым.

Эл камын алып эсиме,
Алыскы элдин четине.
Курал алып колуна
Айыгышкан жоонун бетине,

Таалайлуу жигит аттанат,
Тартынбай милдет аткарат,
Кыз-келиндер тилектеш
Тылдагы ишти башкарат.

Ошондо душман жеңилет,
Айласын таппай чегинет.
Жоо жеңдик деп ошондо,
Салюттар сансыз берилет.
Ким экени кимдердин
Так ошондо көрүнөт.

*1943*

## СЕН ЭСИМДЕ

*(Боецтин уулуна жазган каты)*

Саламат амансыңбы алтын балам,
Дени сак, атаң мында эсен-аман.
Оку да менин жазган бул катымды.
Атаңдын ал-жайынан алгын кабар.

Атаң жүрөт алыста, эл четинде,
Колунда курал алып жоо бетинде.
Канчалык өрт ичинде турсам дагы,
Турасың көз алдымда сен эсимде.

Бирок да эл жүктөгөн толгон милдет,
Мойнумда менин турат али миңдеп.
Аларды аткарууга мен милдеттүү,
Кажыбай кайраттанып күндөп-түндөп.

Эркелеп атаң элдин койнунда өскөн,
Эл менен кайда болсо кошо көчкөн.
Нечен бир тайгак кечүү, тар жолдордон
Кол кармашып эл менен кошо өткөн.

Эл — энем ымыркайдан мени баккан,
Турмушка таанызтырып көзүмдү ачкан.
Тайтайлап каз тургузуп, көп жетелеп
Ошондо мен илгери кадам баскам.

Ал эми жигит болуп өсүп жеттим,
Жаш балалык, ымыркай доордон өттүм.
Калганча кашык каным элиме арнап,
Алыска зор майданга сапар чектим.

Бул майдан эр жигиттер барчу майдан,
Эл уулу башын тартып калсын кайдан.

Эгешип эл четинде душман турса,
Корголоп үйдө жатса болбойбу айбан.

Мен жүрүп бир нече убак сапар тартып,
Бир кезде жоону жеңип барсам кайтып.
Алдымда айдай күлүп сен отурсаң,
Каралдым бакты барбы андан артык.

Каралдым кан толкуган күндө туулдуң,
Ичинде көзүңдү ачтың кандуу чуунун.
Сен дагы элди уулу болуп өскүн,
Маңдайда күнүм, айым алтын уулум!

*1943*

## ТУУГАН ЭЛ

Батышта туман карарып,
Майданда көлдөй кан агып,
Фашисттик жырткыч иттерден
Батыштык элдер таланып,
Жатканын көрдүң тууган эл.

Кан төккөнгө кубанып,
Кан менен жерди сугарып,
Кара чаар жылаандар
Заарын элге чыгарып,
Чачканын көрдүң тууган эл.

Кабагы салык көрүнүп,
Кайгыга, муңга чөмүлүп,
Батыштык элдин жаштары
Кан аралаш төгүлүп,
Акканын көрдүң тууган эл.

Тарылып Гитлер заманы,
Ташка тийип талабы.
Чыдабай биздин соккуга
Табылбай алар амалы,
Шашканын көргүн тууган эл.

Мактанып келип демигип,
Багынтам деп желигип,
Максатына жете албай,
Маскара болуп чегинип,
Качканын көргүн тууган эл.

Майданда күчү сыналып,
Маңдайы жарык кубанып,
Советтик элдин бирдиги
Дагы эки эсе чыңалып,
Артканын көргүн тууган эл!

*1943*

## СОЛДАТТЫН САЛАМЫ

Бир өскөн кучакташып замандашка,
Бир кирген зор майданга каламдашка
Биз менен бир убакта бир тилектеш,
Эмгекчи аял, эркек кары-жашка.

Алыстан кат аркылуу айттым салам,
Колума кагаз кармап, алдым калам.
Кайрылып аман-эсен көрүшкөнчө,
Кадырлуу калың элим болгула аман.

Мен жүрөм айлык, жылдык алыс жолдо,
Ар түрдүү курал-жабдык алып колго,

Кадырлаш, бир боордош, кандаш элди,
Фашисттик жырткычтарга кылбаска олжо.

Мен жүргөн кырчылдашкан кандуу майдан,
Мен келдим Ала-Тоодон алда кайдан.
Мен—кыргыз, менин элим жоо жеңген эл,
Эзелде эрегишкен жоосун сайган!

Жалтанып качан кыргыз жоодон качкан?
Кармашкан душман канын суудай чачкан
Кол баштап баатыр Манас, Алманбеттер,
Бир кезде чоң Бээжинди барып чапкан.

Мен уулумун ошондой баатыр элдин,
Мен майданга алыскы тылдан келдим.
Жан курман эмгекчи элдин эрки үчүн
Жүрөктөн кайнап чыккан антты бердим.

Ишен элим акталат ушул антым,
Эскермек эл баласы эрдин салтын.
Майданда душман менен салгылашпай,
Кекээри жигиттердин кайдан кансын.

Бул кезде фашист иттер калды шашып
Чегинип кайта тартып барат качып,
Армия — кызыл кыраан эл уулдары,
Артынан түрө түштү кубанчы артып.

Душмандан тазалоого совет жерин,
Душмандан куткарууга совет элин.
Сокку уруп биротоло талкалоого
Душмандын бизге каршы курган чебин.

Эгин эгип, мал багуу жана башка,
Чыңалып өсүп турса силер жакта,
Табалбай эч амалын жырткыч иттер,
Алактап шайы кетип турган чакта.

Бул чоң жардам фронтко силер жактан,
Душманга мина болот тылдан аткан.
Жиберген силер эгин, бир баш буудай,
Күч болот миң душмандын канын чачкан.

Кана дагы кайраттан, калың элим,
Тылды чыңап, фронтко жардам бергин!
Майданда салгылашкан баатырлардын
Эрдигин даңазалап эми көргүн.

Биздин аскер чыныгы өттү улуу сындан,
Душманды талкалоочу жетти кырдаал.
Кары тарых бетине мактап жазсын,
Биздин элдин баатырдык ишин кылган.

Болгула толук даяр келчү жазга,
Душманды талкалайлы биз бул жакта!
Төл чыгымсыз, эгинге толсун талаа,
Талкаланып душмандар бүтөр чакта.

*1943*

## МАЗМУНУ

Күзгүдөй көрсөт бетине . . . . . . . . . . 3
Жайкы талаа . . . . . . . . . . . . 4
Кайгылуу күн . . . . . . . . . . . 5
Өзгөрүштүн он жылы . . . . . . . . . 6
Ким милдетин аткарып келер экен . . . . 7
Кыздарга . . . . . . . . . . . . . 8
Келди жаз . . . . . . . . . . . . . 9
Талпынгын . . . . . . . . . . . . . 10
Томсоруп күз болгондо кайра келбе . . . 11
«Эркин тоонун» үч жашында . . . . . . 11
Кыргыз аялы . . . . . . . . . . . . 12
Бүбүкан . . . . . . . . . . . . . . 17
Молдонун каш кирпигин жулалы . . . . . 18
Тердикбай . . . . . . . . . . . . . 20
Курмушунун тилеги . . . . . . . . . . 25
Эмгекчи табына . . . . . . . . . . . 27
Басмакана . . . . . . . . . . . . . 28
Байдын арманы . . . . . . . . . . . 28
Аилдар майрамы . . . . . . . . . . . 30
Кол сунган теңдик гүлүнө . . . . . . . 31
Кыш . . . . . . . . . . . . . . . 31
Эл жаштарына . . . . . . . . . . . . 32

Жаш койчу . . . . . . . . . . 32
Биздин багыт . . . . . . . . . . 35
Он жылдык улуу тоюң куттуу болсун . . . . . . 37
Туткун . . . . . . . . . . . . 38
Жалчы . . . . . . . . . . . . 39
Жөнөттү Ала-Тоодон терип алып . . . . . . . 42
Жаңы күчтөргө . . . . . . . . . . 43
Коллектив . . . . . . . . . . . 45
Талаада эмгек . . . . . . . . . . 47
Орозо эски адат . . . . . . . . . 48
Молдо залим . . . . . . . . . . 48
Дыйкандар . . . . . . . . . . . 49
Курмушу камынды . . . . . . . . . 50
Жай күнү . . . . . . . . . . . 52
Кайгырганбыз ал кезде . . . . . . . . 52
Эмгек айлы . . . . . . . . . . . 53
Кыш кетти . . . . . . . . . . . 61
Ысык-Көл . . . . . . . . . . . 62
Колхозчуларга . . . . . . . . . . 67
Элиме кат . . . . . . . . . . . 67
Чөпчүлөр . . . . . . . . . . . . 70
Пахта талаасы . . . . . . . . . . 71
Молдолорго . . . . . . . . . . . 72
Кет орозо . . . . . . . . . . . . 73
Кенен өлкө . . . . . . . . . . . 74
Колхоз кырманы . . . . . . . . . . 75
Көрдүңбү . . . . . . . . . . . . 76
Маркс — Ленин жолу бар . . . . . . . . 79
Ант ушул . . . . . . . . . . . . 80
Майдандан . . . . . . . . . . . . 83
Ала-Тоого кат . . . . . . . . . . 85
Чалгынчылар . . . . . . . . . . . 88
Жалжалым . . . . . . . . . . . . 90
Сен эсимде . . . . . . . . . . . 92
Тууган эл . . . . . . . . . . . . 93
Солдаттын саламы . . . . . . . . . 94

*Джума Джамгырчиев*

СТИХИ

Издание второе
(на киргизском языке)

Редактор *Ж. Жапиев*
Художник *А. И. Мисюров.*
Худ. редактор *И. Ф. Бульба*
Тех. редактор *Ж. Сооронкулова*
Корректор *С. Кадыралиев*